КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИ
KIRGIZISTAN-TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ

# ОКУУ-ТАРБИЯ ЖАНА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИ БОЮНЧА ОТЧЁТ

# 2019-2020

КЫРГЫЗ-ТҮРК
“МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИ

# 2019-2020-ОКУУ ЖЫЛЫНДАГЫ ОКУУ-ТАРБИЯ ЖАНА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИ БОЮНЧА ОТЧЁТ

БИШКЕК 2020



«БИЛИМ – ЖАШООНУН ЧЫНЫГЫ ДААНЫШМАНЫ»
МУСТАФА КЕМАЛЬ АТАТҮРК



# МАНАСТЫН ЖЕТИ ОСУЯТЫ:

- Эл жұрттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги;
- Улут аралык ынтымак, достук жана кызматташтык;
- Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет;
- Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакыбат дөөлөткө умтулуу;
- Гуманизм, айкөлдүк, кечиримдүүлүк;
- Табият менен таттуу мамиледе болуу;
- Кыргыз мамлекеттүүлүгүн чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо.

# МАЗМУНУ

ЖЕТЕКЧИЛЕРДИН СӨЗҮ .... 5

**1. ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ .... 8**

МИССИЯ .... 13
КОНЦЕПЦИЯ .... 13
МАКСАТ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ .... 13
ИШ-ЧАРАЛАРДЫН БАГЫТТАРЫ .... 14

**2. УНИВЕРСИТЕТ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ .... 16**

МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА .... 16
УЮШТУРУУЧУЛУК ТҮЗҮМҮ .... 18
АКАДЕМИЯЛЫК БӨЛҮМДӨР .... 20
АКАДЕМИЯЛЫК КЫЗМАТКЕРЛЕР .... 24
АДМИНИСТРАТИВДИК КЫЗМАТКЕРЛЕР .... 24
ЛАБОРАТОРИЯ ЖАНА ӨНӨРКАНАЛАР .... 25

**3. ОКУУ-ТАРБИЯ ИШТЕРИ .... 39**

САБАКТАРДЫН ЖҮГҮ .... 39
СТУДЕНТТЕРДИН САНЫ .... 47
БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН САНЫ .... 52
АЛМАШУУ ПРОГРАММАЛАРЫ .... 55

**4. ИЛИМИЙ ИШ-ЧАРАЛАР .... 57**

СЫЙЛЫКТАР .... 57
БАСЫЛМАЛАР .... 71
ИЛИМИЙ ДОЛБООРЛОР .... 111
УЛУТТУК, ЭЛ АРАЛЫК УЮМ ЖАНА МЕКЕМЕЛЕР МЕНЕН КЫЗМАТАШТЫКТАР .... 116

**5. КООМДУК, МАДАНИЙ, КӨРКӨМ ӨНӨР ЖАНА СПОРТТУК ИШ-ЧАРАЛАР .... 122**

**6. СОЦИАЛДЫК ЖООПКЕРЧИЛИК ЖАНА КООМГО КЫЗМАТ КЫЛУУ ИШ-ЧАРАЛАРЫ .... 131**

**7. САПАТТЫ БАШКАРУУ ЖАНА КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫ .... 134**

ОКУУ-ТАРБИЯ ИШТЕРИНИН САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУ .... 136
ОКУТУУЧУЛАРДЫН КВАЛИФИКАЦИЯЛАРЫН ЖОГОРУЛАТУУ .... 141
ИЛИМИЙ ИШ-ЧАРАЛАРДЫ ЖАНА ДОЛБООРЛОРДУ ИШТЕП ЧЫГУУ .... 141
ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР, КЫЗМАТТАШТЫКТАР ЖАНА ИНТЕРНАЦИОНАЛДАШУУ .... 143

**8. КОРУТУНДУ ЖАНА СУНУШТАР .... 144**

# ЖЕТЕКЧИЛЕРДИН СӨЗҮ





**проф., док. Себахаттин Балжы**
**Ректор**

**проф., док. Асылбек Кулмырзаев**
**Биринчи проректор**

Дос жана боордош Түркия менен Кыргызстандын ортосунда 1995-жылы кол коюлган келишимдин негизинде ачылган өзгөчө статустагы мамлекеттик университет болуп саналган Кыргыз-Түрк "Манас" университети ар тараптуу билим берүүнү, туруктуу өнүгүүнү жана алдыга карай умтулууну көздөгөн окутуу жана башкаруу философиясына ээ. Бул багытта университеттин жетекчилигинин кыйшаюсуз аткарууга белсенген приоритеттүү максаты – 25 жылдык тажрыйбага ээ болгон окуу жайыбызды жаңычылдыктын үлгүсү катары көрсөтүү жана ийгиликтүү келечекке даярдануу.

Илимдин өнүгүшүнө салым кошкон, өзүнүн жогорку квалификациялуу бүтүрүүчүлөрү менен коомго пайда келтирген Кыргыз-Түрк “Манас” университети Кыргызстандын жана Түркиянын алдыңкы окуу жайларынын бири болуу багытында ишенимдүү кадамдар менен алдыга карай арымдап жатат. “Манас” университети илимий изилдөө иштеринен сырткары маданият, көркөм өнөр, саламаттыкты сактоо жана спорт жаатында өзгөчө орунга ээ болуу үчүн талыкпастан эмгектенип, максаттарына жетүүгө умтулууда. Университетте окутуу кыргыз жана түрк тилинен сырткары англис, орус жана кытай тили сыяктуу чет тилдеринде да жүргүзүлөт. Окуу жайыбыз бул өзгөчөлүгү менен башкалардан айырмаланып, алдыңкы сапта турат.

Бүгүнкү күндө технология ылдамдык менен өнүгүп, жашообузга өз таасирин тийгизип жатканы баарыбызга маалым. Азыркы технологиянын жетишкен мезгилинде бирдей стандарттагы жана сапаттагы билим берүүнү чексиз түрдө бүткүл дүйнөдө ишке ашырууга мүмкүнчүлүк бар. Бул өсүп-өнүгүүлөргө ылайык "электрондук университет” болуу

үчүн чечкиндүү кадамдар жасала баштады. Бул жааттагы иштер стратегиялык пландын негизинде өтө кылдаттык менен алып барылууда.

Кыргыз-Түрк "Манас" университети тоскоолдуктарды жеңе билген университет болуу үчүн тийиштүү иш-чараларды жүргүзүп жатат. Мүмкүнчүлүгү чектелген студенттердин окуу жана жашоо чөйрөлөрүн алардын өзгөчөлүктөрүнө жараша ыңгайлаштыруу – университеттин приоритеттүү максаттарынын бири. Ушул максатта ачылган "Мүмкүнчүлүгү чектелген студенттерди колдоо бюросу" жигердүү иш жүргүзүүдө.

Кыргыз-Түрк "Манас" университети илимий изилдөө иштеринен сырткары көркөм өнөр, спорт, адабият, музыка жана кинематография жаатында эки өлкөнүн маданиятына салым кошуп, аны байытууга умтулууда. Бир нече чет тилдеринде сапаттуу билим алган бүтүрүүчүлөрүбүз жергиликтүү уюмдарда гана эмес, эл аралык уюмдарда да иштей алышат. Университет Кыргызстанды, Түркияны жана бүткүл түрк дүйнөсүн келечекке алып барчу жаштарга заман талабына ылайык деңгээлде билим берип, өз атын жер шарынын 5 материгине, дүйнөнүн 43 өлкөсүнө таанытты.

Азыркы учурда университет өзүнүн 9 факультетинде, 3 жогорку мектебинде, 1 кесиптик жогорку мектебинде жана 2 институтунда 14 өлкөдөн келген 20га жакын ар түрдүү улуттагы жалпысынан 6150 студентке, анын ичинде орто кесиптик жана бакалавр программасы боюнча 5728 студентке жана 422 магистрант менен докторантка билим берип, 6 өлкөдөн келген 544 окутуучу менен окуу-тарбия иштерин жүргүзүп келүүдө.

Кыргыз-Түрк "Манас" университети билим берүүнүн сапатын күндөн-күнгө жогорулатып, "билим берүүдө эл аралык марка", "өзүнө тартып турган илимий борбор", "коомчулук жана иш чөйрөсү үчүн чыныгы баалуулук", "интернационалдашууда үлгүлүү жогорку окуу жайы", "түрк дүйнөсүнүн биримдигинин калыптанышы жана өнүгүшүндө таасирдүү күч" жана "дүйнөлүк илимге салым кошууда абройлуу университет" болуу багытында өтө тездик менен өнүгүүдө. Билим берүүдө үзгүлтүксүз өнүктүрүү философиясын карманган университет өзүнө таандык сапатты башкаруу системасынын жардамы менен сапат кепилдигин камсыз кылып, бардык процесстерди стандартташтырууга маани берет. Технологиянын, илимдин жана изилдөөнүн борборунда "инсан" тургандыгын эске алып, адамды алдыңкы орунга койгон окуу жайыбыз "университеттен да артык" болуу багытында чечкиндүү кадамдарды жасай берет. Коомдун көйгөйлөрүнө жана муктаждыктарына көңүл бурган дисциплиналар аралык изилдөөлөрдү жүргүзүүнү улантат.

Бул багытта университетте аткарылган иштер тууралуу бул отчётту даярдоо процессине салым кошкон бардык кызматкерлерибизге ыраазычылык билдирүү менен бирге 2019-жылдын отчёту тийиштүү түзүм, мекеме жана окурмандарга пайдалуу болушуна тилектешпиз.


HALKA
HİZMET
HAKKA
HİZMETTİR
КАЛККА
КЫЗМАТ
КУДАЙГА
ЫЗААТ

## 1. ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Кыргыз-Түрк «Манас» университети 1995-жылдын 30-сентябрында Түркиянын Измир шаарында Түркия Республикасы менен Кыргыз Республикасынын Өкмөттөрү тарабынан кол коюлган "Кыргызстандын борбор шаары – Бишкекте "Кыргыз-Түрк «Манас» университетин куруу тууралуу» келишимдин негизинде курулган. 1995-жылы Бишкек шаарынын Манас проспектисинде ижарага алынган чакан имаратта иштей баштаган бул университет окуу-тарбия иштерин 1997-1998-окуу жылында баштаган.

Университет курулгандан кийин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1995-жылдын 27-декабрында кабыл алган токтомунун негизинде университеттин кампусу үчүн 100 гектар, окуу-лабораториялык имараттар үчүн 500 гектар жер тилкесин бөлүп берүү Указы Бишкек шаарынын мэриясына берилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 5-ноябрында кабыл алган 764 номерлүү чечими боюнча эски аэропорттун тилкесинен 85 гектар жер тилкеси 49 жылдык мөөнөт менен университетке өткөрүлүп берилген. Жер тилкелери бөлүнүп берилгенден кийин Экономика жана башкаруу факультети менен Коммуникация факультетинин имараттарын куруу боюнча тендер жарыяланып, 2002-жылдын 22-майында аты аталган факультеттердин имараттарын куруу иштери башталган.

1997-1998-окуу жылында университетте Гуманитардык жана Табигый илимдер факультетинин Түркология жана Тарых бөлүмдөрү, Экономика жана башкаруу факультетинин Менеджмент бөлүмү, Инженерия факультетинин Компьютердик инженерия бөлүмү жана Чет тилдер жогорку мектебинин түрк жана кыргыз тилдери боюнча даярдоо курсу ачылып, 3 факультет, 4 бөлүм жана 1 жогорку мектепте 86 студент билим алган. Университетте бардыгы болуп 127 кызматкер, алардын ичинен 89 административдик жана 38 академиялык кызматкер иштеген.

1998-1999-окуу жылында университеттин Экономика жана башкаруу факультетинде Экономика жана Финансы бөлүмдөрү, ошондой эле Инженерия факультетинде Экологиялык инженерия бөлүмү ачылып, 223 студент окуган. Университетте бардыгы болуп 256 кызматкер, алардын ичинен 161 административдик жана 95 академиялык кызматкер менен окуу-тарбия иштери улантылган.

1999-2000-окуу жылында Коммуникация факультетинде Коом менен байланыш жана реклама бөлүмү, Радио, телевидение жана кино бөлүмү, Туризм жана мейманкана иштетүү кесиптик жогорку мектебинде Коомдук тамактануу программасы ачылып, сабактар окутула баштаган. Ушуну менен катар Инженерия факультетинде Курулуш адистиги бөлүмү, Чет тилдер жогорку мектебинин Синхрондук котормо бөлүмүндө Кыргызча-түркчө котормо программасы ачылып, 4 факультет, 1 жогорку мектеп жана 1 кесиптик жогорку мектепте бакалавр программалары боюнча 686 студент окуган. Университетте бардыгы болуп 326 кызматкер, алардын ичинен 181 административдикжана 145 академиялык кызматкер иштеген.

2000-2001–окуу жылында 4 факультет, 1 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектеби менен катар коомдук илимдер институту ачылып, бакалавриат программасы боюнча 1110 студент окуп, бардыгы болуп 352, алардын ичинен 194 административдик жана 158 академиялык кызматкер эмгектенген.

2001-2002-окуу жылында Туризм жана мейманкана иштетүү кесиптик жогорку мектебинде Туризм жана мейманкана иштетүү программасы, Коммуникация факультетинде Журналистика бөлүмү ачылып, 4 факультет, 2 жогорку мектеп жана 2 институтта бакалавриат программасы боюнча 1328 студент, магистратура жана докторантура программалары боюнча 63 студент билим алган. Университет 197 административдик жана 156 академиялык кызматкер менен иш-чараларын уланткан. Айрыкча 2001-2002-жылында университет алгачкы 87 бүтүрүүчүсүнө диплом тапшырып, уядан учурган.

2002-2003-окуу жылында Инженерия факультетинде Тамак-аш инженериясы бөлүмү, Туризм жана мейманкана иштетүү кесиптик жогорку мектебинде Саякат иши жана гид кызматы программасы ачылып, бакалавриат программасы боюнча 1605 студент билим алган. Университетте бардыгы болуп 390 кызматкер, алардын ичинен 198 административдик жана 192 академиялык кызматкер менен окуу-тарбия жана административдик иш-чаралары жүргүзүлгөн. 2002-2003-окуу жылында 91 бүтүрүүчүгө диплом тапшырылган.

2003-2004–окуу жылында бакалавриат программасы боюнча 1835 студентке билим берилип, бардыгы болуп 388 кызматкер, алардын ичинен 232 административдик жана 156 академиялык кызматкер жумуш орду менен камсыз кылынган. 321 бүтүрүүчүгө диплом берилген.

2005-2006-окуу жылында Чет тилдер жогорку мектебинин Синхрондук котормо бөлүмүндө Кыргызча-англисче котормо программасы ачылган. Бул окуу жылында бакалавриат программасы боюнча 1678 студент билим алып, бардыгы болуп 428 кызматкер, алардын ичинен 233 административдик жана 195 академиялык кызматкер иштеген. 281 бүтүрүүчү диплом алышкан.

2006-2007-окуужылында Инженерия факультети менен Табигый-гуманитардык илимдер факультетинде орун алган негизги жана инженердик илимдер боюнча магистратура жана докторантура программаларын уюштуруу, ишке ашыруу жана көзөмөлдөө максатында табигый илимдер институту ачылган. Ушул жылы Чет тилдер жогорку мектебинин Синхрондук котормо бөлүмүндө Түркчө-орусча котормо программасы ачылган. Университеттин бакалавриат программасы боюнча 1673 студент билим алып, бардыгы болуп 415 кызматкер, алардын ичинен 232 административдик жана 183 академиялык кызматкер эмгектенип, 293 бүтүрүүчүгө диплом тапшырылган.

2007-2008-окуу жылында Табигый-гуманитардык илимдер факультети Табигый илимдер факультети жана Гуманитардык факультет болуп экиге бөлүнгөн. Табигый илимдер факультети Математика жана Биология бөлүмдөрү менен окуу-тарбия иштерин жүргүзө баштаган. Гуманитардык факультетте болсо Орус тили жана адабияты, Англис тили жана адабияты бөлүмдөрү, Экономика жана башкаруу факультетинде Эл аралык мамилелер бөлүмү, Инженерия факультетинде Химиялык инженерия бөлүмү, ошондой эле Кесиптик жогорку мектеби ачылган. Ошону менен катар, Туризм жана мейманкана иштетүү кесиптик жогорку мектеби жабылып, анын ордуна Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби ачылган. 2007-2008-окуу жылында бакалавриат программасы боюнча 1865 студент билим алып, бардыгы болуп 468 кызматкер, алардын ичинен 246 административдик жана 222 академиялык кызматкер эмгектенген. 248 бүтүрүүчүгө диплом тапшырылган.

2008-2009-окуу жылында университетте 8 факультет, 4 жогорку мектеп, 2 кесиптик жогорку мектеп жана 2 институтта бардыгы болуп 3295 студент, алардын ичинен орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программасы боюнча 3014 студент, 2 институтта болсо магистратура жана докторантура программасы боюнча 281 студент билим алып, бардыгы болуп 593 кызматкер, алардын ичинен 296 административдик жана 297 академиялык кызматкер иштеген. Бул окуу жылын кошкондо орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча бүтүрүүчүлөрдүн жалпы саны 1967ни түзгөн.

2009-2010-окуу жылында университетте 8 факультет, 4 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектеп жана 2 институтта бардыгы болуп 3411 студент, алардын ичинен орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программасы боюнча 3105 студент, 2 институтта болсо магистратура жана докторантура программасы боюнча 306 студент билим алып, бардыгы болуп 673 кызматкер, алардын ичинен 324 административдик жана 379 академиялык кызматкер иштеген. Бул окуу жылын кошкондо орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнчабүтүрүүчүлөрдүн жалпы саны 2256ны түзгөн. 2009-2010 окуу жылында теология факультети жана Борбордук Азияны изилдөө борборунун ачылышы тууралуу чечим чыгарылган.

2010-2011-окуу жылында университетте 9 факультет, 4 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектеби жана 2 институтта бардыгы болуп 3609 студент, алардын ичинен орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программасы боюнча 3318 студент, магистратура жана докторантура программалары боюнча 291 студент билим алган. Бардыгы болуп 707 кызматкер, алардын ичинен 325 административдик жана 382 академиялык кызматкер эмгектенип, 304 бүтүрүүчүгө диплом берилген. 2010-2011-окуу жылын кошкондо университет орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча бардыгы болуп 2271 студентти уясынан учурган.

2011-2012-окуу жылында университетте 9 факультет, 4 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектепте орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 3809 студент, 2 институтта магистратура жана докторантура программалары боюнча 297 студент билим алып, студенттердин жалпы саны 4106ны түзгөн. Ушул жылы 416 бүтүрүүчү дипломго ээ болгон. Ушуну менен катар 304 административдик кызматкер, 379 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер болуп бардыгы 683 кызматкер менен окуу-тарбия жана административдик иш-чаралары улантылган. 2011-2012-окуу жылын кошкондо университет орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча бардыгы болуп 2981 студентти уясынан учурган. 2011-2012-окуу жылында университеттин Камкорчулар кеңешинин 2010-жылдын 30-октябрындагы №4-чечиминин негизинде Ислам илимдери жана Дин илимдери бөлүмдөрүнөн турган Теология факультети ачылып, даярдоо курсуна 22 студент кабыл алынган. Ушул жылы Борбор Азиянын изилдөө борбору менен Био ар түрдүүлүктү изилдөө жана Биотехнология борборунун инструкциялары иштелип чыгып, аталган борборлор иш-чараларын жүргүзө баштаган.

2012-2013-окуу жылында 9 факультет, 4 жогорку мектеп, 1 кесиптик мектепте орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 4017 студент 2 институтта магистратура жана докторантура программалары боюнча 371 студент билим алып, студенттердин жалпы саны 4388ди түзгөн. Ушуну менен катар 302 административдик, 390 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер болуп бардыгы 692 кызматкер менен окуу-тарбия жана административдик иш-чаралары жүргүзүлгөн. Бул окуу жылында университет 575 бүтүрүүчүнү чыгарган. 2012-2013-окуу жылын

кошкондо университет 17 жыл ичинде орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 3556 студентке диплом тапшырган.

2013-2014-окуу жылында университетте 9 факультет, 4 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектебинде бардыгы болуп 4281 студент, ал эми 2 институтта магистратура жана докторантура программалары боюнча 319 студент билим алган. Бардыгы болуп 669 кызматкер, алардын ичинен 290 административдик жана 376 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер эмгектенип, 530 бүтүрүүчүгө диплом берилген. 2013-2014-окуу жылын кошкондо университет 18 жыл ичинде ортокесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 4086 студентти уясынан учурган.

2014-2015-окуу жылында университетте 9 факультет, 4 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектебинде бардыгы болуп 4634 студент, ал эми 2 институтта магистратура жана докторантура программалары боюнча 240 студент билим алган. Бардыгы болуп 687 кызматкер, алардын ичинен 307 административдик жана 380 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер эмгектенип, 616 бүтүрүүчүгө диплом берилген. 2014-2015-окуу жылын кошкондо университет 19 жыл ичинде орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 4702 студентти уясынан учурган.

Университет 2015-2016-окуу жылында 9 факультет, 3 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектепте бакалавр жана кесиптик орто билим берүү программаларынан 4.872 студент, ал эми 2 институттун магистратура жана докторантура программаларынан 255 студент, жалпы саны 692 кызматкер, анын ичинен 306 административдик кызматкер, ал эми 386 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер менен билим берүү жана илимий иш-чараларын жүргүзүп, 695 бүтүрүүчүнү уядан учуруп, 2015-2016-окуу жылын кошкондо, 20 жыл ичинде университет факультет жана жогорку мектептеринде бакалавр жана кесиптик орто билим берүү программалары боюнча 5.437 бүтүрүүчүнү чыгарган.

Университеттин Окумуштуулар кеңешинин 2015-жылдын 2-июнундагы 12-жыйынынын № 2015-12.56-чечиминин негизинде, Көркөм өнөр факультетинин тез арада өнүгүүсүнө өбөлгө түзөөрү, бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусуна терс таасир тийгизбеши жана Кыргызстандагы консерватория аталышындагы билим берүү жана эл аралык тажрыйбаны эске алуу менен Консерватория багытын көркөм өнөр багытына кошуп, Консерваториядагы Музыкалык искусство жана Театралдык искусство бөлүмдөрүн 2015-2016-окуу жылынан баштап Көркөм өнөр факультетине кошуп, Консерватория жабылып, Көркөм өнөр факультетининде Графика, Живопись, Музыкалык искусство жана Театралдык искусство бөлүмдөрү жайгаштырылып жаңыдан түзүлгөн.

Университет 2016-2017 окуу жылында 9 факультет, 3 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектепте бакалавр жана кесиптик орто билим берүү программалары боюнча 5417 студент, ал эми 2 институтта магистратура жана докторантура программалары боюнча 364 студент, жалпы саны 678 кызматкер, анын ичинен 295 административдик кызматкер, ал эми 383 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер менен билим берүү жана илимий иш-чараларын жүргүзүп, 728 бүтүрүүчүнү уядан учуруп, 2016-2017 окуу жылын кошкондо, 21 жылдын ичинде университет факультет жана жогорку мектептеринде бакалавр жана кесиптик орто билим берүү программалары боюнча 6165 бүтүрүүчүнү чыгарган.

2017-2018-окуу жылында университеттин Инженерия факультетинде Электроника жана

электр инженериясы менен Өнөр-жай инженериясы бөлүмү, Кесиптик жогорку мектебинде Эсептөө техникаларын жана автоматташтырылган системаларды программа менен камсыздоо, Ширетүү өндүрүшү менен Жыгач иштетүү технологиясы программалары ачылып, университетте 9 факультет, 3 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектеп жана 2 институтта бардыгы болуп 6065 студент, алардын ичинен орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программасы боюнча 5697 студент, 2 институтта болсо 368 магистрант жана докторант билим алып, бардыгы болуп 672 кызматкер, алардын ичинен 292 административдик жана 380 академиялык кызматкер менен ишмердүүлүгүн жүргүзүп, 828 бүтүрүүчүнү уядан учурган. 22 жыл ичинде бакалавр жана кесиптик орто билим берүү программалары боюнча 6947, ал эми магистратура жана докторантура программалары боюнча 697 бүтүрүүчүнү чыгарган.

Университет 2018-2019 окуу жылында 9 факультет, 3 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектепте бакалавр жана кесиптик орто билим берүү программалары боюнча 5356 студент, ал эми 2 институтта магистратура жана докторантура программалары боюнча 257 студент, жалпы саны 696 кызматкер, анын ичинен 316 административдик кызматкер, ал эми 380 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер менен билим берүү жана илимий иш-чараларын жүргүзүп, 726 бүтүрүүчүнү уядан учуруп, 2018-2019 окуу жылын кошкондо, 23 жылдын ичинде университет факультет жана жогорку мектептеринде бакалавр жана кесиптик орто билим берүү программалары боюнча 8366 бүтүрүүчүнү чыгарган.

2019-2020-окуу жылында университеттин Химиялык инженерия бөлүмүнүн магистратуралык Англис тили программасы ачылып, университетте 9 факультет, 3 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектеп жана 2 институтта бардыгы болуп 6113 студент, алардын ичинен орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программасы боюнча 5748 студент, 2 институтта болсо 365 магистрант жана докторант билим алып, бардыгы болуп 677 кызматкер, алардын ичинен 289 административдик жана 388 академиялык кызматкер менен ишмердүүлүгүн жүргүзүп, 1051 бүтүрүүчүнү чыгарган. Бакалавр жана кесиптик орто билим берүү программалары боюнча 8603, ал эми магистратура жана докторантура программалары боюнча 814 болуп жалпы 24 жыл ичинде 9417 бүтүрүүчүнү уядан учурган.

## МИССИЯ

*Университеттин миссиясы – түрк тилдүү жана боордош мамлекеттердин жаш муундарынан баштап, үзгүлтүксүз билим алууга умтулган коомдун бардык катмарларына билим берүү жана орток көз-караштарды иштеп чыгуу максатында өз тармагында мыкты, өзүнө болгон ишеними жогору, орток маданий баалуулуктар алкагында адеп-ахлактык принциптерге жана жалпы дүйнөлүк баалулуктарга ээ болгон, коомдун алдында жооптуу, заманбап, эл аралык деңгээлде иштей алчу адистерди даярдоо жана түрк цивилизациясы менен дүйнөлүк илимге салым кошуу.*

## КОНЦЕПЦИЯ

*Университеттин концепциясы- билим берүү тармагында эл аралык марка катары академиялык иштер жана коомго көрсөтүлгөн кызматтар аркылуу түрк дүйнөсүнө жана жалпы адамзатка салым кошкон "эл аралык деңгээлде абройлуу жана дүйнөгө таанылган университет" болуу.*

## МАКСАТ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

### УНИВЕРСИТЕТТИН НЕГИЗГИ МАКСАТТАРЫ

- Заманбап билим берүү стандарттары жана методдору менен бирге заманбап университетти башкаруу моделин колдонуп, Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасы үчүн үлгү болуу жана дүйнө менен интеграциялашууда лидердик ролду ойноо;
- Заманбап, демократиялык, секулярдык, социалдык, укуктук мамлекет негиздерин колдогон, адам укуктарын сыйлаган, улуттук тиешелүүлүк аң-сезимине ээ, руханий баалуулуктарды сактаган, физикалык, акыл-эстик жана адеп-ахлактык жагынан өнүккөн, коом алдында жоопкер, жаратман жана чыгармачыл муундарды даярдоо;
- Түрк Республикасы жана башка өнүккөн мамлекеттердин демократия жана базар экономикасы боюнча тажрыйбаларын пайдаланып, Кыргыз Республикасында демократиялаштыруу жана базар экономикасына өтүү процесстеринин күчөтүлүшүнө көмөк көрсөтүү;
- Илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштерге, басма технологиясы жана маалыматтык технологияларга инвестиция жасоо аркылуу дүйнөлүк илимий эмгектердин санынын көбөйтүлүшүнө жана дүйнөдөгү маалыматтардын жайылышына өз салымын кошуу;
- Түрк дүйнөсүнүн жаш муундарын улуттук баалуулуктарды сактаган, дүйнөлүк көз-караш жана баалуулуктарга ээ болгон инсандар катары тарбиялап өстүрүү, эл аралык коомчулук үчүн көрүнүктүү өкүлдөр катары даярдоо;
- Келечектеги муундарды ар кыл чөйрөдө мыкты жана өзүнө ишенген, ар нерсеге шыктуу, критикалык ой жүгүртө алган, үзгүлтүксүз өсүп-өнүгүп турган коом менен жуурулушкан, жаратман, демократиялык коомдун эрежелерин сактаган, демилгелүү, тобокелчи, кызматташууга даяр, толеранттуу, эркин ой жүгүртө билген, чыгармачыл, изилдөөчү, искусствого болгон кызыгуусу күчтүү жана үйрөнүүгө умтулган инсандар катары тарбиялоо;
- Коомдук керектөөлөргө ылайык орто кесиптик билим берүү, бакалавриат жана магистратура/докторантура программалары боюнча адистерди даярдоо, кесиптик жана индивидуалдык өнүгүүнү колдоо максатында кыска мөөнөттүү окутуу программаларын иштеп чыгуу жана/же ишке ашыруу.

## УНИВЕРСИТЕТТИН НЕГИЗГИ СТРАТЕГИЯЛЫК МАКСАТТАРЫ

- Билим берүүдө эл аралык марка болуу;
- Тажрыйбалуу адистерди даярдоо;
- Болонья процессине шайкеш болуу;
- Ички жана тышкы өнөктөштөр менен таасирдүү байланыш жана өнүмдүү кызматташтык түзүү;
- Коомчулукка кызмат көрсөтүү;
- Окуу-тарбия иштериндеги ийкемдүүлүк;
- Күчтүү материалдык-техникалык база;
- Технологияга таянган билим берүү;
- Электрондук университет;
- Үзгүлтүксүз билим берүү;
- Өзгөрүүлөргө шайкештик жана тынымсыз өнүгүү;
- Практикалык билим жана технологияга багытталган илимий-изилдөө жана тажрыйбалык-конструктордук иштер;
- Система, программа жана университетте аккредитация;
- Академиялык сапатта вертикалдуу өнүгүү;
- Өзүнө тарта турган илимий борборду түзүү;
- Эффективдүү жана жүзөгө ашырыла турган алмашуу программалары;
- Кампуста жашоо чөйрөлөрүн өнүктүрүү;
- Материалдык-техникалык базаны бекемдөө;
- Долбоорлордун негизинде өнүктүрүү иш-чаралары;
- Университетти таасирдүү таанытуу иш-чаралары.

## ИШ-ЧАРАЛАРДЫН БАГЫТТАРЫ

- Университеттин билим берүү потенциалын рационалдуу түрдө пайдаланып өнүктүрүү, билим берүү жана таалим-тарбия, илимий изилдөөлөр жана аларды жарыялоо иштерин үзгүлтүксүз түрдө ишке ашыруу, көзөмөлдөө жана контролдоо;
- Заманбап цивилизация жана билим берүү принциптерине таянган система ичинде, коом жана иш дүйнөсүнүн талаптары жана өнүгүү керектөөлөрү менен дүйнөлүк илимий көз карашка ылайык динамикалык процесстин ичинде орто кесиптик билим берүү, бакалавриат, магистратура жана докторантура программалары боюнча жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо, кесиптик жана индивидуалдык өнүгүү максатын көздөгөн кыска мөөнөттүү окутуу программаларын иштеп чыгуу же/жана ишке ашыруу, ар кыл деңгээлде билим берүү, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү жана аларды жарыялоо, кеңеш берүү;
- Өзүнүн адистик күчүн жана материалдык булактарын натыйжалуу, үнөмдүү жана рационалдуу түрдө колдонуп, улуттук билим берүү саясаты, өнүгүү пландары жана ЖОЖдор тарабынан иштелип чыккан план жана программалар боюнча мамлекеттерге керектүү тармактарда, зарыл санда адистерди даярдоо;
- Кыргызстан жана бүткүл түрк дүйнөсүнүн илимий, экономикалык, социалдык жана маданий

жактан өнүгүсүнө байланыштуу маселелерди чечүү, башка тийиштүү мекемелер менен кызматташтык ичинде билим берүү жана илимий изилдөө иштерин жүргүзүү, алардын жыйынтыктарын коомдун пайдасына жумшоо, мамлекеттик жана жеке менчик ишканалары, өкмөттүк эмес уюмдар тарабынан талап кылына турган анализ жана илимий изилдөөлөрдү жыйынтыктап, пикирлерди жана сунуштарды билдирүү;

- Кыргызстан жана бүткүл түрк дүйнөсүнүн өнүгүү зарылчылыктарына жараша керектүү тажрыйбалуу адистерди даярдоодо алдыңкы орунду ээлөө, товар өндүрүү менен кызмат көрсөтүүдө сапатты жогорулата турган долбоорлорду иштеп чыгуу, программаларды даярдоо жана ишке ашыруу, тийиштүү мекеме жана уюмдар менен кызматташтыкты түзүү, экологиялык маселелерди чечүүчү сунуштарды берүү;
- Университеттин технологиялык базасын өркүндөтүү жана технологияларга таянган окутуу системасын өнүктүрүү;
- Билим берүү программаларынын ийкемдүү жана динамикалык процесстин ичинде өнүгүүсүн камсыздоо;
- Илимий изилдөө иштери, аларды өнүктүрүү, жарыялоо жана коомдун пайдасына жумшоо саясатын иштеп чыгуу;
- Профессордук-окутуучулук курамдан баштап, адам ресурстарын өнүктүрүү саясатын иштеп чыгуу;
- Материалдык-техникалык база жана технологиялык инфраструктуранын актуалдуулугу жана заманбаптыгы боюнча өнүктүрүү саясатын иштеп чыгуу.



# 2. УНИВЕРСИТЕТ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

## МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА

### Жабык аянттар (м²)

| Колдонулуп жаткан жабык аянттар (м²) | Башкы имарат (м²) | Ч. Айтматов атындагы студенттик шаарча (м²) | Жалпы аянт (м²) |
|---|---|---|---|
| Гуманитардык факультет | 127,28 | 3540,24 | 3667,52 |
| Табигый илимдер факультети | - | 1611,72 | 1611,72 |
| Көркөм өнөр факультети | 18,00 | 1777,98 | 1795,98 |
| Экономика жана башкаруу факультети | - | 2114,64 | 2114,64 |
| Коммуникация факультети | - | 2377,44 | 2377,44 |
| Теология факультети | - | 3537,15 | 3537,15 |
| Теология факультетинин окуу-практикалык мечити | - | 4216,75 | 4216,75 |
| Инженерия факультети | - | 2684,95 | 2684,95 |
| Ветеринария факультети | - | 1037,92 | 1037,92 |
| Айыл-чарба факультети | - | 836,44 | 836,44 |
| Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби | - | 3285,18 | 3285,18 |
| Туризм жана мейманкана иштетүү ж. м. | 518,39 | 577,35 | 1095,74 |
| Чет тилдер жогорку мектеби | 2105,30 | 137,86 | 2243,16 |
| Кесиптик жогорку мектеп | - | 2319,75 | 2319,75 |
| Табигый илимдер институту | - | 40,50 | 40,50 |
| Коомдук илимдер институту | - | 210,50 | 210,50 |

### Социалдык багыттагы имараттар

| Объекттер | Саны (даана) | Жабык аянт (м²) |
|---|---|---|
| Студенттердин ашканасы | 2 | 3134,43 |
| Кызматкерлердин ашканасы | 2 | |
| Кафетерий-мейманкана-жыйын залы | 6/1 | |
| Чогулуш бөлмөлөрү жана залдары | 30 | 3637,42 |
| Китепкана/Окуу залы | 14 | 2011,8 |
| Жабык спорт объектиси | 1 | 3489,7 |
| **Бардыгы** | **56** | **12.273,35** |

| Студенттер үйү | Сыйымдуулугу | Жабык аянт (м²) |
|---|---|---|
| Студенттер үйү (А корпусу) | 680 студент/141 бөлмө | 11249,93 |
| Студенттер үйү (В корпусу) | 466 студент/93 бөлмө | 4746,17 |
| Студенттер үйү (С корпусу) | 240 студент/40 бөлмө | 1432,3 |
| **Бардыгы** | **1386 студент/274 бөлмө** | **17428,4 м²** |

### Спорт объекттери

| Спорт объекттери | | | |
|---|---|---|---|
| **Объекттер** | **Саны (даана)** | **Аянты (м²)** | **Түшүндүрмө** |
| Ачык спорт объекттери | 2 | 19964,68 | Футбол, теннис жана баскетбол аянтчалары, кийим чечилүүчү бөлмөлөрү |


КЫРГЫЗ-ТҮРК
МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ
KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE
MANAS ÜNİVERSİTESİ



## УЮШТУРУУЧУЛУК ТҮЗҮМҮ

КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИНИН АКАДЕМИЯЛЫК ТҮЗҮМҮНҮН СХЕМАСЫ







## АКАДЕМИЯЛЫК БӨЛҮМДӨР

| БАКАЛАВР ЖАНА ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ |
|---|
| **Гуманитардык факультет** |
| ▸ Батыш тилдери бөлүмү<br>(Англис тили жана адабияты программасы) |
| ▸ Чыгыш тилдери бөлүмү<br>(Кытай тили жана адабияты программасы)<br>(Орус тили жана адабияты программасы) |
| ▸ Педагогика бөлүмү<br>(Психологиялык кеңеш жана көмөк программасы) |
| ▸ Философия бөлүмү |
| ▸ Синхрондук котормо бөлүмү<br>(Кыргызча-англисче программасы)<br>(Кыргызча-түркчө программасы)<br>(Орусча-түркчө программасы) |
| ▸ Социология бөлүмү |
| ▸ Тарых бөлүмү |
| ▸ Түркология бөлүмү |
| **Табигый илимдер факультети** |
| ▸ Биология бөлүмү |
| ▸ Математика бөлүмү |
| ▸ Колдонмо математика жана информатика бөлүмү |
| **Көркөм өнөр факультети** |
| ▸ Графика бөлүмү |
| ▸ Живопись бөлүмү |
| ▸ Музыкалык өнөр бөлүмү |
| ▸ Театралдык өнөр бөлүмү |
| **Экономика жана башкаруу факультети** |
| ▸ Экономика бөлүмү |
| ▸ Менеджмент бөлүмү |
| ▸ Эл аралык мамилелер бөлүмү |
| ▸ Финансы жана банк иши бөлүмү |
| **Теология факультети** |
| ▸ Дин таануу бөлүмү |
| ▸ Ислам таануу бөлүмү |
| **Коммуникация факультети** |
| ▸ Журналистика бөлүмү |
| ▸ Коом менен байланыш жана реклама бөлүмү |
| ▸ Радио, телевидение жана киноискусство бөлүмү |

| **Инженерия факультети** |
|---|
| ▸ Компьютердик инженерия бөлүмү |
| ▸ Экологиялык инженерия бөлүмү |
| ▸ Тамак-аш инженериясы бөлүмү |
| ▸ Химиялык инженерия бөлүмү |
| ▸ Электроника жана электр инженерлиги бөлүмү |
| ▸ Өнөр-жай инженерлиги бөлүмү |
| **Ветеринария факультети** |
| ▸ Ветеринария |
| **Айыл чарба факультети** |
| ▸ Мөмө-жемиш жана талаа өсүмдүктөрү бөлүмү |
| ▸ Өсүмдүктөрдү коргоо бөлүмү |

| ЖОГОРКУ МЕКТЕПТЕР |
|---|
| **Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби** |
| ▸ Машыктыруучуларды даярдоо бөлүмү |
| ▸ Дене тарбия жана спорт мугалими бөлүмү |
| **Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби** |
| ▸ Туризм жана мейманкана иштетүү бөлүмү |
| ▸ Саякат иши жана гид кызматы бөлүмү |
| ▸ Ресторан иши жана кулинардык өнөр бөлүмү |
| **Чет тилдер жогорку мектеби** |
| ▸ Тил үйрөтүү бөлүмү |
| ▸ Чет тилдер бөлүмү |

| КЕСИПТИК ЖОГОРКУ МЕКТЕП |
|---|
| ▸ Офис-менеджмент жана жетекчинин жардамчысын даярдоо программасы |
| ▸ Мектеп жашына чейинки балдарды тарбиялоо программасы |
| ▸ Курулуш программасы |
| ▸ Бухгалтердик эсеп программасы |
| ▸ Автоунааларды тейлөө жана оңдоо программасы |
| ▸ Маркетинг программасы |
| ▸ Туризм жана мейманкана иштетүү программасы |
| ▸ Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо программасы |
| ▸ Ширетүү өндүрүшү программасы |
| ▸ Жыгач иштетүүнүн технологиясы, эмеректер дизайны жана конструкциялоо программасы |

<table>
<tr><th colspan="2">ИНСТИТУТТАР</th></tr>
<tr><th colspan="2">Табигый илимдер институту</th></tr>
<tr><th>Магистратура</th><th>Докторантура</th></tr>
<tr><td>▸ Компьютердик инженерия<br>▸ Экологиялык инженерия<br>▸ Тамак-аш инженериясы<br>▸ Химиялык инженерия<br>(Англис тили программасы)<br>▸ Математика<br>▸ Биология<br>(Биология)<br>(Биотехнология)<br>▸ Өсүмдүктөрдү коргоо<br>▸ Жашылча, мөмө-жемиш жана талаа өсүмдүктөрү</td><td>▸ Компьютердик инженерия<br>▸ Тамак-аш инженериясы<br>▸ Химиялык инженерия<br>▸ Математика<br>▸ Биология</td></tr>
<tr><th colspan="2">Коомдук илимдер институту</th></tr>
<tr><th>Магистратура</th><th>Докторантура</th></tr>
<tr><td>▸ Педагогика<br>(Педагогика)<br>(Билим берүүнү башкаруу)<br>(Психологиялык кеңеш жана көмөк)<br>▸ Экономика<br>(Экономика)<br>(Финансы)<br>▸ Коммуникация<br>▸ Менеджмент<br>▸ Тарых<br>(Тарых)<br>(Археология жана социалдык антропология)<br>▸ Түркология<br>▸ Философия<br>▸ Ислам таануу<br>▸ Синхрондук котормо<br>▸ Туризм жана мейманкана иштетүү<br>▸ Социология<br>▸ Эл аралык мамилелер<br>▸ Англис тили жана адабияты<br>▸ Дене тарбия жана спорт</td><td>▸ Педагогика<br>▸ Экономика<br>▸ Коммуникация<br>▸ Менеджмент<br>▸ Тарых<br>▸ Түркология<br>▸ Ислам таануу</td></tr>
</table>



## АКАДЕМИЯЛЫК КЫЗМАТКЕРЛЕР*

| НААМЫ | ТОЛУК АЙЛЫК АКЫ ТӨЛӨНҮҮЧҮ | | | БАРДЫГЫ |
|---|---|---|---|---|
| | ТР | КР | БАШКА | |
| Профессор | 36 | 23 | 0 | 59 |
| Доцент | 19 | 22 | 1 | 42 |
| Доценттин м. а. | 7 | 21 | 0 | 28 |
| Илимдин кандидаты, PhD | 14 | 0 | 0 | 14 |
| Ага окутуучу, PhD | 6 | 50 | 0 | 56 |
| Ага окутуучу | 16 | 31 | 1 | 48 |
| Адис (окутуучулук курам) | 4 | 5 | 0 | 9 |
| Окутуучу | 48 | 45 | 5 | 98 |
| Кенже илимий кызматкер | 7 | 27 | 0 | 34 |
| **БАРДЫГЫ** | **157** | **224** | **7** | **388** |

* Маалыматтар 17-сентябрга карата даярдалды.

## АДМИНИСТРАТИВДИК КЫЗМАТКЕРЛЕР*

| АДМИНИСТРАТИВДИК БӨЛҮМДӨР | ЖАРАНДЫГЫ | | БАРДЫГЫ |
|---|---|---|---|
| | КР | ТР | |
| Ректорлук жана башкы жетекчилик | 14 | 5 | 19 |
| Баш катчылык | 15 | 3 | 18 |
| Анкарадагы байланыш бюросу | 0 | 3 | 3 |
| Академиялык бөлүмдөр | 57 | 8 | 65 |
| Маалыматтык технологиялар башкармалыгы | 12 | 0 | 12 |
| Административдик-чарбалык ишти камсыздоо башкармалыгы | 48 | 6 | 54 |
| Китепкана жана иш кагаздарын жүргүзүү башкармалыгы | 11 | 0 | 11 |
| Студенттик иштер башкармалыгы | 9 | 1 | 10 |
| Кадрлар башкармалыгы | 5 | 3 | 8 |
| Ден-соолук, маданият жана спорт башкармалыгы | 56 | 1 | 57 |
| Стратегияны иштеп чыгуу башкармалыгы | 7 | 5 | 12 |
| Курулуш иштери башкармалыгы | 17 | 3 | 20 |
| **БАРДЫГЫ** | **251** | **38** | **289** |

* Маалыматтар 17-сентябрга карата даярдалды.

## ЛАБОРАТОРИЯ ЖАНА ӨНӨРКАНАЛАР

| ФАКУЛЬТЕТ | ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ФАКУЛЬТЕТИ |
|---|---|
| Лабораториия/Өнөркананын No: | 1 |
| Лаб./Өнөрк. аталышы: | Физикалык лаборатория |
| Лаб./Өнөрк. максаты | Жалпы физика сабактары боюнча практикалык сабак өтүү үчүн |
| Лаб./Өнөрк. түрү (Изилдөө, камсыздоо, билим берүү) | Билим берүү |
| Лаб. аянты (сыйымдуулугу) | 109.3 $м^2$ 30 кишилик |
| Учурдагы жабдуу үчүн сарпталган сумма (Түрк лирасы, АКШ доллары менен) | 35 889 АКШ доллары |
| ФАКУЛЬТЕТ | ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ФАКУЛЬТЕТИ |
| Лабораториия/Өнөркананын No: | 2 |
| Лаб./Өнөрк. аталышы: | Компьютердик лаборатория |
| Лаб./Өнөрк. максаты | Информатика боюнча практикалык сабактар |
| Лаб./Өнөрк. түрү (Изилдөө, камсыздоо, билим берүү) | Билим берүү |
| Лаб. аянты (сыйымдуулугу) | 80.2 $м^2$ жана 30 кишилик |
| Жасалат/сатылып алынат деп табылган, эң зарыл шайман, аспап, жабдыктар жана алардын баасы | 10 даана компьютер |
| ФАКУЛЬТЕТ | ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ФАКУЛЬТЕТИ |
| Лабораториия/Өнөркананын No: | Биология бөлүмү боюнча лаборатория 1 |
| Лаб./Өнөрк. аталышы: | Биологиялык (Биохимиялык) лаборатория |
| Лаб./Өнөрк. максаты | Биохимия боюнча практикалык сабактарды өтүү |
| Лаб./Өнөрк. түрү (Изилдөө, камсыздоо, билим берүү) | Билим берүү, изилдөө жана практика жүргүзүү үчүн түзүлгөн. |
| Лаб. аянты (сыйымдуулугу) | 82.1 $м^2$ жана 20 кишилик |
| Учурдагы жабдуу үчүн сарпталган сумма (Түрк лирасы, АКШ доллары менен) | 80 000 АКШ доллары |
| ФАКУЛЬТЕТ | ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ФАКУЛЬТЕТИ |
| Лабораториия/Өнөркананын No: | Биология бөлүмү боюнча лаборатория 2 |
| Лаб./Өнөрк. аталышы: | Гистологиялык жана морфологиялык лаборатория |
| Лаб./Өнөрк. максаты | Гистология жана морфология боюнча практикалык сабактарды өтүү |
| Лаб./Өнөрк. түрү (Изилдөө, камсыздоо, билим берүү) | Билим берүү, изилдөө жана практика жүргүзүү максатында түзүлгөн. |
| Лаб. аянты (сыйымдуулугу) | 87.7 $м^2$ жана 20 кишилик |
| Учурдагы жабдуу үчүн сарпталган сумма | 150 000 АКШ доллары |
| ФАКУЛЬТЕТ | ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ФАКУЛЬТЕТИ |
| Лабораториия/Өнөркананын No: | Анатомиялык музей |
| Лаб./Өнөрк. аталышы: | Анатомиялык музей |
| Лаб./Өнөрк. максаты | Жан-жаныбарлардын тирүү үлгүлөрү жана скелеттери |
| Лаб./Өнөрк. түрү (Изилдөө, камсыздоо, билим берүү) | Билим берүү, изилдөө жана практика жүргүзүү максатында түзүлгөн. |
| Лаб. аянты (сыйымдуулугу) | 49.5 $м^2$ |
| Учурдагы жабдуу үчүн сарпталган сумма | 1 000 АКШ доллары |
| ФАКУЛЬТЕТ | ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ФАКУЛЬТЕТИ |
| Лабораториия/Өнөркананын No: | Зоология кабинети |
| Лаб./Өнөрк. аталышы: | Зоология кабинети |
| Лаб./Өнөрк. максаты | Жаныбарлар, алардын тирүү үлгүлөрү жана скелеттери |
| Лаб./Өнөрк. түрү (Изилдөө, камсыздоо, билим берүү) | Билим берүү, изилдөө жана практика жүргүзүү максатында түзүлгөн. |
| Лаб. аянты (сыйымдуулугу) | 41.4 $м^2$ жана 20 кишилик |
| ФАКУЛЬТЕТ | ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ФАКУЛЬТЕТИ |
| Лабораториия/Өнөркананын No: | Ботаникалык кабинет |
| Лаб./Өнөрк. аталышы: | Ботаникалык кабинет |

| | |
|---|---|
| Лаб./Өнөрк. максаты | Өсүмдүктөрдүн үлгүлөрү жана гербарийлер |
| Лаб./Өнөрк. түрү (Изилдөө, камсыздоо, билим берүү) | Билим берүү, изилдөө жана практика жүргүзүү максатында түзүлгөн. |
| Лаб. аянты (сыйымдуулугу) | 43.4 $м^2$ жана 20 кишилик |
| ФАКУЛЬТЕТ | ЭКОНОМИКА ЖАНА БАШКАРУУ ИЛИМДЕРИ |
| Лаборатория/Өнөрканананын No: | А-201 |
| Лаб./Өнөрк. аталышы: | Смарт класс (Проф. Касым Карахан атындагы интерактивдүү окуу аудиториясы) |
| Лаб./Өнөрк. максаты | Университеттин эл аралык кызматташуусун арттыруу жана тажрыйбалуу профессор-окутуучуларга болгон муктаждыкты башка университеттерде эмгектенген профессор-окутуучулар аркылуу толуктоо максатында өз ара теле-конференция өтүүгө ылайыктуу, жогорку сапаттагы видео чагылдыруу кубаттуулугуна ээ камералар менен жабдылган интерактивдүү досканын жардамы менен иш-чараларды уюштуруу максаты көздөлгөн. |
| Лаб./Өнөрк. түрү (Изилдөө, камсыздоо, билим берүү) | Дистанттык билим берүү, теле-конференция системасы |
| Лаб. аянты (сыйымдуулугу) | 143,10 $м^2$ жана 100 кишилик |
| Учурдагы жабдуу үчүн сарпталган сумма (Түрк лирасы, АКШ доллары менен) | 29.000 $ |
| Жасалат/сатылып алынат деп табылган, эң зарыл шайман, аспап, жабдыктар жана алардын баасы | Учурдагы маалыматтык технология жабдуулары сабак өтүү үчүн бардык муктаждыктарды камсыз кылат. |
| ФАКУЛЬТЕТ | ЭКОНОМИКА ЖАНА БАШКАРУУ ФАКУЛЬТЕТИ |
| Лаборатория/Өнөрканананын No: | 326 |
| Лаб./Өнөрк. аталышы: | Компьютердик класс |
| Лаб./Өнөрк. максаты | Информатика боюнча практикалык сабак/курстар |
| Лаб./Өнөрк. түрү (Изилдөө, камсыздоо, билим берүү) | Билим берүү |
| Лаб. аянты (сыйымдуулугу) | 84,36 $м^2$, 25 кишилик |
| Учурдагы жабдуу үчүн сарпталган сумма (Түрк лирасы, АКШ доллары менен) | 13.500 $ |
| Жасалат/сатылып алынат деп табылган, эң зарыл шайман, аспап, жабдыктар жана алардын баасы | Учурдагы маалыматтык технология жабдуулары сабак өтүү үчүн бардык муктаждыктарды камсыз кылат. |
| ФАКУЛЬТЕТ | КӨРКӨМ ӨНӨР ФАКУЛЬТЕТИ |
| Лаборатория/Өнөрканананын No: | 10 |
| Лаб./Өнөрк. аталышы: | Компьютердик лаборатория |
| Лаб./Өнөрк. максаты | Компьютердин графика сабагынын практикалык сабактарын өтүү үчүн. |
| Лаб./Өнөрк. түрү (Изилдөө, камсыздоо, билим берүү) | Билим берүү жана окутуу |
| Лаб. аянты (сыйымдуулугу) | 10 кишилик |
| Учурдагы жабдуу үчүн сарпталган сумма (Түрк лирасы, АКШ доллары менен) | 10 комплект Hunt-Key компьютери = 506 090 Түрк лирасы |
| ФАКУЛЬТЕТ | КӨРКӨМ ӨНӨР ФАКУЛЬТЕТИ |
| Лаборатория/Өнөрканананын No: | 1 |
| Лаб./Өнөрк. аталышы: | Сүрөт өнөрканасы |
| Лаб./Өнөрк. максаты | Сүрөт эмгектерин (натурадан сүрөт тартуу, натюрморт ж.б.) иликтөө менен практикада колдонуу. |
| Лаб./Өнөрк. түрү (Изилдөө, камсыздоо, билим берүү) | Билим берүү |
| Лаб. аянты (сыйымдуулугу) | 10 кишилик |
| Учурдагы жабдуу үчүн сарпталган сумма (Түрк лирасы, АКШ доллары менен) | 15 даана мольберт (Социалдык камсыздоо башкармалыгы СКБ тарабынан жүргүзүлдү), 1 даана шаймандар үчүн шкаф (болжолдуу түрдө 12 000 түрк лирасы, 6 даана билим берүү макеттери (16 000 түрк лирасы) |
| ФАКУЛЬТЕТ | КӨРКӨМ ӨНӨР ФАКУЛЬТЕТИ |
| Лаборатория/Өнөрканананын No: | 2 |
| Лаб./Өнөрк. аталышы: | Сүрөт өнөрканасы |
| Лаб./Өнөрк. максаты | Сүрөт эмгектерин (натурадан сүрөт тартуу, натюрморт ж.б.) иликтөө менен практикада колдонуу. |

| | |
|---|---|
| Лаб./Өнөрк. түрү (Изилдөө, камсыздоо, билим берүү) | Билим берүү жана окутуу |
| Лаб. аянты (сыйымдуулугу) | 10 кишилик |
| Учурдагы жабдуу үчүн сарпталган сумма (Түрк лирасы, АКШ доллары менен) | 15 даана мольберт, 1 даана шаймандар үчүн шкаф, 15 билим берүү макети, 3 даана текче жана чийме столу. Мольберт жана чийме стол СКБ тарабынан жасалды. |
| ФАКУЛЬТЕТ | КӨРКӨМ ӨНӨР ФАКУЛЬТЕТИ |
| Лаборатория/Өнөркананын No: | 9 |
| Лаб./Өнөрк. аталышы: | Графикалык өнөркана |
| Лаб./Өнөрк. максаты | Долбоорго алынган графикалык иштердин практикалык иштерин жана көргөзмөлөрдү уюштуруу. |
| Лаб./Өнөрк. түрү (Изилдөө, камсыздоо, билим берүү) | Билим берүү |
| Лаб. аянты (сыйымдуулугу) | 10 кишилик |
| Учурдагы жабдуу үчүн сарпталган сумма (Түрк лирасы, АКШ доллары менен) | 8 даана чийме стол, 1 даана шаймандар үчүн шкаф. |
| ФАКУЛЬТЕТ | КӨРКӨМ ӨНӨР ФАКУЛЬТЕТИ |
| Лаборатория/Өнөркананын No: | 8 |
| Лаб./Өнөрк. аталышы: | Графикалык өнөркана |
| Лаб./Өнөрк. максаты | Долбоорго алынган графикалык иштердин практикалык иштерин жана көргөзмөлөрдү уюштуруу. |
| Лаб./Өнөрк. түрү (Изилдөө, камсыздоо, билим берүү) | Билим берүү жана окутуу |
| Лаб. аянты (сыйымдуулугу) | 8 кишилик |
| Учурдагы жабдуу үчүн сарпталган сумма (Түрк лирасы, АКШ доллары менен) | 7 даана чийме стол, 1 даана шаймандар үчүн шкаф, 4 даана шаймандар текчеси. |
| ФАКУЛЬТЕТ | КӨРКӨМ ӨНӨР ФАКУЛЬТЕТИ |
| Лаборатория/Өнөркананын No: | Сахна чеберчилиги |
| Лаб./Өнөрк. аталышы: | Театралдык чеберчилик боюча билим берүү, практика жүзүндө аткаруу жана сахналаштыруу |
| Лаб./Өнөрк. максаты | Актердук чеберчилик сабагы боюнча практикалык сабактарды өткөрүү максатында түзүлгөн. |
| Лаб./Өнөрк. түрү (Изилдөө, камсыздоо, билим берүү) | Билим берүү жана окутуу |
| Лаб. аянты жана сыйымдуулугу | 100 кишилик |
| Учурдагы жабдуу үчүн сарпталган сумма (Түрк лирасы, АКШ доллары менен) | Сахна жасалгасы, жарык берүүчү аппаратура = 250 500 Түрк лирасы. |
| ФАКУЛЬТЕТ | ГУМАНИТАРДЫК ФАКУЛЬТЕТ |
| Лаборатория/Өнөркананын No: | İİBF 426 |
| Лаб./Өнөрк. аталышы: | Кытай тили жана адабияты лабораториясы |
| Лаб./Өнөрк. максаты | Тил үйрөтүү |
| Лаб./Өнөрк. түрү (Изилдөө, камсыздоо, билим берүү) | Билим берүү |
| Лаб. аянты (сыйымдуулугу) | 30 кишилик |
| ФАКУЛЬТЕТ | ГУМАНИТАРДЫК ФАКУЛЬТЕТ |
| Лаборатория/Өнөркананын No: | İLEF 120 |
| Лаб./Өнөрк. аталышы: | Синхрондук котормо бөлүмүнү практикалык сабактары үчүн өнөркана |
| Лаб./Өнөрк. максаты | Котормо жүргүзүү жолдорун жакшыртуу |
| Лаб./Өнөрк. түрү (Изилдөө, камсыздоо, билим берүү) | Билим берүү |
| Лаб. аянты (сыйымдуулугу) | 20 кишилик |
| ФАКУЛЬТЕТ | ГУМАНИТАРДЫК ФАКУЛЬТЕТ |
| Лаборатория/Өнөркананын No: | İLEF 115 |
| Лаб./Өнөрк. аталышы: | Психологиялык кеңеш берүү жана көмөк көрсөтүү лабораториясы |
| Лаб./Өнөрк. максаты | Психологиялык кеңеш берүү жана көмөк көрсөтүү жолдорун жүзөгө ашыруу |

| | |
|---|---|
| Лаб./Өнөрк. түрү (Изилдөө, камсыздоо, билим берүү) | Билим берүү |
| Лаб. аянты (сыйымдуулугу) | 20 кишилик |
| ФАКУЛЬТЕТ | КОММУНИКАЦИЯ ФАКУЛЬТЕТИ |
| Лаборатория/Өнөркананын No: | 215 |
| Лаб./Өнөрк. аталышы: | Видео монтаж лабораториясы |
| Лаб./Өнөрк. максаты | Университет тарабынан жүргүзүлгөн бардык иш-чараларда тартылган видео материалдарды компьютерге которуу, монтаж жасоо, факультеттеги практикалык сабактарды жүргүзүү жана акыркы курстун студенттеринин дипломдук иштерин монтаждоо максатында түзүлгөн. |
| Лаб./Өнөрк. түрү (Изилдөө, камсыздоо, билим берүү) | Билим берүү, изилдөө жана практика жүргүзүү максатында түзүлгөн. |
| Лаб. аянты (сыйымдуулугу) | 24.17 м$^2$ жана 9 кишилик |
| Учурдагы жабдуу үчүн сарпталган сумма (Түрк лирасы, АКШ доллары менен) | 5500 АКШ доллары |
| Жасалат/сатылып алынат деп табылган, эң зарыл шайман, аспап, жабдыктар жана алардын баасы | Жаңы монтаждоочу компьютер жана видеого түшүрүүчү аппарат |
| ФАКУЛЬТЕТ | КОММУНИКАЦИЯ ФАКУЛЬТЕТИ |
| Лаборатория/Өнөркананын No: | С-201 |
| 92 | Түндүк региону боюнча ветеринардык диагностика жана экспертиза борборуна баруу | Мекемелер менен кызматташтык/ билим берүү жаатында иш-чара | Ветеринария факультети | 20 |
| 93 | КРнын ветеринардык палатасынын өкүлдөрүнүн катышуусундагы семинар | Мекемелер менен кызматташтык | Ветеринария факультети | 20 |
| 94 | Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин "Шумкар" атайын багыттагы полкунун кинология борборунун өкүлдөрүнүн катышуусундагы панель I | Мекемелер менен кызматташтык | Ветеринария факультети | 5 |
| 95 | Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин "Шумкар" атайын багыттагы полкунун кинология борборунун өкүлдөрүнүн катышуусундагы панель II | Мекемелер менен кызматташтык | Ветеринария факультети | 5 |
| 96 | "Куш келипсиң, I курс!" программасы | Көрсөтүү | Айыл чарба факультетинин деканаты | 150 |
| 97 | Ата-энелер менен жолугушуу жана маектешүү | Жолугушуу/ маектешүү | Айыл чарба факультетинин деканаты | 68 |
| 98 | "Agrointellect" интеллектуалдык конкурсу | Билим берүү жаатында иш-чара/конкурс | Айыл чарба факультетинин деканаты | 120 |
| 99 | Туңгучтагы жетим балдар үйүнө баруу | Коомдук иш-чара | Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби | 150 |
| 100 | "Sheraton Bishkek" отелине окуу-өндүрүштүк экскурсия | Окуу-өндүрүштүк экскурсия | Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби | 50 |
| 101 | "Hyde Park" отелине окуу-өндүрүштүк экскурсия | Окуу-өндүрүштүк экскурсия | Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби | 50 |
| 102 | "Sheraton Bishkek" отелине окуу-өндүрүштүк экскурсия | Окуу-өндүрүштүк экскурсия | Гастрономия жана кулинардык чеберчилик бөлүмү | 30 |
| 103 | "Туризмге кош келиңиздер!" программасы | Таанытуу иш-чарасы | Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби | 150 |
| 104 | "Spelling Bee" так сүйлөө мелдеши | Мелдеш | Англис тилин үйрөтүү координаторлугу | 78 |
| 105 | Бишкектеги аскер мектебинин олимпиадалык курама командасы үчүн англис тили курстары | Курстар | Англис тилин үйрөтүү координаторлугу | 8 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 106 | Шаар боюнча экскурсия (Кыргыз Республикасынын Улуттук китепканасы, Кыргыз улуттук филармониясы жана Кыргыз улуттук академиялык драма театры) | Экскурсия/ китепкана, филармония, театрга баруу | Кыргыз тилин үйрөтүү координаторлугу | 11 |
| 107 | Экскурсия | Экскурсия | Кыргыз тилин үйрөтүү координаторлугу | 11 |
| 108 | Мугалимдер күнүнө карата маданий жана көркөм өнөр иш-чаралары | Көргөзмө/ билим берүү жаатында иш-чара | Кыргыз тилин үйрөтүү координаторлугу | 21 |
| 109 | Эл аралык аялдар күнүнө карата маданий жана көркөм өнөр иш-чаралары | Көргөзмө/ билим берүү жаатында иш-чара | Кыргыз тилин үйрөтүү координаторлугу | 9 |
| 110 | Мухаррем Каянын урматына арналган эскерүү иш-чарасы | Эскерүү программасы | Орто кесиптик колледждин мүдүрлүгү | 40 |
| 111 | "Вальдорф педагогикасына 100 жыл" | Балдар майрамы | Мектепке чейинки билим берүү программасы | 20 |
| 112 | "Өндүрүштүк практика" сабагы алкагында "Фрунзе" ресторанына окуу-өндүрүштүк экскурсия | Окуу-өндүрүштүк экскурсия | Туризм жана мейманкана иши программасы | 30 |
| 113 | "İmarat Stroy", "Data Stroy" жана "Emarald Company" курулуш компанияларына окуу-өндүрүштүк экскурсия | Окуу-өндүрүштүк экскурсия | Имараттарды жана курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо программасы | 25 |
| 114 | Чыңгыз Айтматовдун 91 жылдыгына карата эскерүү иш-чаралары | Программа | Туризм жана мейманкана иши программасы | 50 |
| 115 | STEM (Science, Technology, Engineering and Mathematic/Илим, технология, инженерия жана математика) иш-чарасы | Көргөзмө | Мектепке чейинки билим берүү программасы | 24 |
| 116 | "Yashar Ltd." фирмасына окуу-өндүрүштүк экскурсия | Окуу-өндүрүштүк экскурсия | Жыгач иштетүүнүн технологиясы, эмеректер дизайны жана конструкциялоо программасы | 3 |
| 117 | Сокулук районундагы 500 орундуу мектептин имаратынын курулушу | Окуу-өндүрүштүк экскурсия | Имараттарды жана курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо программасы | 40 |
| 118 | Студенттер арасында "Тамаша шоу" конкурсу | Конкурс | Бардык программалар | 100 |

## 2019-2020-ОКУУ ЖЫЛЫНДАГЫ СПОРТТУК ИШ-ЧАРАЛАР

| № | Өткөрүлгөн күнү | Аныктамасы | Иш-чаранын түрү | Уюштурган бөлүм | Катышкан студент саны |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2019-жылдын 16-17-сентябры | Футбол боюнча турнир | Мелдеш | Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби | 150 |
| 2 | 2019-жылдын сентябрь айы | "Manas Cup-2019" футбол боюнча турнири | Мелдеш | Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби, студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү координациялоо мүдүрлүгү | 80 |
| 3 | 2019-жылдын 01-15-октябры | Университеттин даярдоо курсунун студенттеринин арасында өткөн турнир | Мелдеш | Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби | 200 |
| 4 | 2019-жылдын 10-октябры | Жетим балдардын катышуусунда өткөн футбол боюнча турнир | Мелдеш | КРнын футбол федерациясы, КРнын көчө футболу федерациясы, КТМУ | 60 |
| 5 | 2019-жылдын 11-ноябры | Кыргыз күрөшү боюнча турнир | Мелдеш | КРнын күрөш федерациясы | 50 |
| 6 | 2019-жылдын 18-ноябры | Үстөл тенниси боюнча турнир | Мелдеш | К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети | 150 |
| 7 | 2019-жылдын декабрь айы | Волейбол боюнча турнир | Мелдеш | КТМУнун гуманитардык факультети жана К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети | 50 |
| 8 | 2019-жылдын январь айы | Шахмат боюнча турнир | Мелдеш | КТМУнун ректораты, дене тарбия жана спорт жогорку мектеби менен КРнын шахмат федерациясы | 50 |
| 9 | 2019-жылдын 23-27-марты | Универсиаданын алкагында кыздар арасында баскетбол боюнча мелдеш | Мелдеш | "Жаштык" спорттук-массалык жана ден соолукту чыңдоо иштери боюнча республикалык борбор | 12 |
| 10 | 2019-жылдын 6-октябры | Эркектер арасында баскетбол боюнча Кыргызстандын чемпионаты | Чемпионат | КРнын баскетбол федерациясы жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттиги | 12 |
| 11 | 2019-жылдын октябрь айы | Кыздар арасындагы баскетбол боюнча Кыргызстандын чемпионаты | Чемпионат | КРнын баскетбол федерациясы жана КР Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттиги | 16 |
| 12 | 2020-жылдын 28-февралы | Улуу Жеңиштин 75 жылдыгына карата "XI спорт оюндары" турнири | Турнир | Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби | 64 |

# 6. СОЦИАЛДЫК ЖООПКЕРЧИЛИК ЖАНА КООМГО КЫЗМАТ КЫЛУУ ИШ-ЧАРАЛАРЫ

## 2019-2020-ОКУУ ЖЫЛЫНДА АТКАРЫЛГАН СОЦИАЛДЫК ЖООПКЕРЧИЛИК ЖАНА КООМГО КЫЗМАТ КЫЛУУ ИШ-ЧАРАЛАРЫ

| № | Өткөрүлгөн күнү | Иш-чаранын түрү | Аныктама | Уюштурган бөлүм | Түшүндүрмө |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 23-24-апрель, 2019 | Аккредитация | Аккредитация иштери, комиссиянын мүчөсү | Билим берүү чөйрөсүндөгү сапаттын кепилдиги боюнча “EdNet” агентствосу | Б и лим берүү чөйрөсүндө сапаттын кепилдиги боюнча “EdNet” агентствосу тарабынан Борбордук Азия университетинин "Лингвистика" тармагында аккредитациялоо иштерин жүргүзүүдө комиссиянын мүчөсү катары иш алпаруу. |
| 2 | 12-май, 2020 | Аккредитация | Аккредитация иштери, комиссиянын төрагасы | Билим берүү чөйрөсүндөгү сапаттын кепилдиги боюнча “EdNet” агентствосу | Билим берүү чөйрөсүндө сапаттын кепилдиги боюнча “EdNet” агентствосу тарабынан ОшМУнун “билим берүү” тармагында аккредитациялоо иштерин жүргүзүүдө комиссияга төрагалык кылуу. |
| 3 | 12-май, 2020 | Онлайн семинар | Социалдык жоопкерчилик жана коомго кызмат көрсөтүү | Онлайн университет | Карантин учурунда “Онлайн университет” билим берүү платформасынын алкагында “Scopus жана Web of Science журналдары макалаңыздан эмнени каалайт” аттуу семинарга конок катары катышты. |
| 4 | 06 - февраль, 2020 | Коомго кызмат көрсөтүү | А.К. Бакаев атындагы кесиптик кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу институтунун кызматкерлерине семинар | КР Улуттук Мамлекеттик коопсуздук комитети | Ф.и.д., доц. Бурул Сагынбаева «Кыргыз тилин коммуникативдик метод аркылуу окуп-үйрөнүү». |
| 5 | 23-24-апрель, 2019 | Аккредитация | Аккредитация иштери, комиссиянын мүчөсү катары иш алпаруу | | Билим берүү чөйрөсүндө сапаттын кепилдиги боюнча “EdNet” агентствосу тарабынан Борбордук Азия университетинин "Лингвистика" тармагында аккредитациялоо иштерин жүргүзүүдө комиссиянын мүчөсү катары иш алпаруу |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 6 | февраль-март, 2020 | Куран-и керим жана диний маалымат курсу | Курс | Теология факультети | 10 студент үчүн атайын курс. |
| 7 | 28.01.2020 | Теле программага катышуу | Айгүл Усубалиеванын катышуусунда | Тамак-аш инженериясы бөлүмү | КРнын Коомдук теле-радио корпорациясы. |
| 8 | 10.01.2020 | Теле программага катышуу | Анарсейит Дейдиевдин катышуусунда | Тамак-аш инженериясы бөлүмү | КРнын Коомдук теле-радио корпорациясы |
| 9 | 26.11.19 | Теле программага катышуу | Айчүрөк Мажитованын катышуусунда | Тамак-аш инженериясы бөлүмү | КРнын Коомдук теле-радио корпорациясы. |
| 10 | 2019-2020 жазгы семестр | (GID 202) сабагы | Сабактын алкагында жүргүзүлгөн социалдык жоопкерчилик жана коомго кызмат көрсөтүү иш-чарасы | Тамак-аш инженериясы бөлүмү | Covid-19 пандемиясына байланыштуу студенттерге берилген үй тапшырмасында топ-топ болуп социалдык жоопкерчилик маселелерин изилдөөгө жана долбоорлорду даярдоого үйрөтүү максаты көздөлгөн. |
| 11 | Жыл бою | Медициналык кызмат | Социалдык жоопкерчилик жана коомго кызмат көрсөтүү | Ветеринария факультети | Болжол менен 1000ге жакын ээси бар / кароосуз калган жаныбарлардын саламаттыгына кам көрүштү. Болочок ветеринар студенттерибизге практикалык окутуу мүмкүнчүлүгүн берүү жана жолбун жаныбарларды дарылоонун социалдык таасири. |
| 12 | Декабрь, 2019 | Балдар үйүнө баруу | Социалдык жоопкерчилик | Ветеринария факультети | Балдар үйүнө жылына эки жолудан кем эмес барып, оюнчуктар, кийим-кече жана негизги муктаждыктарына жардам көрсөтүшөт. |
| 13 | 26-декабрь, 2019 | Жаңы жылды тосуу программасы | Бишкек шаардык балдарды жана үй-бүлөнү калыбына келтирүү борбору | Дене тарбия жогорку мектеби | Жаңы жылды тосуу программасы уюштурулду |
| 14 | 3 - февраль, 2020 | Коомго кызмат көрсөтүү | Мейманкана индустриясындагы жаңы тенденциялар | HORECA Кыргызстан | Туризм жана мейманкана иштетүү бөлүмүнүн профессору Ахмет Тайфун тарабынан семинар өткөрүлдү |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 15 | 6-март, 2020 | Дистанттык семинар. Коомго кызмат көрсөтүү. "Туризмдин өнүгүшү жана көйгөйлөр" | ОшМУнун студенттерине "Дүйнө жана Кыргызстан" тууралуу | ОшМУ | Саякат иши жана гид кызматы бөлүм башчысы доц., док. Бакыт Турдумамбетов тарабынан семинар өткөрүлдү |
| 16 | 15-май, 2020 | Коомго кызмат көрсөтүү | Дүйнөлүк саякат технологиясы жана меймандостук ток-шоу программасы | Отел "Linkage" | Туризм жана мейманкана иштетүү бөлүмүнүн профессору Ахмет Тайфун |
| 17 | 21-май, 2020 | Конок катары катышып, туризм секторуна байланышкан маалымат алмашуу | Эркан Гөксу менен автордук шоу программада | Эркан Гөксу | Туризм жана мейманкана иштетүү бөлүмүнүн башчысы Эркан Акгөз тийиштүү тема боюнча маалымат берди |
| 18 | Январь, 2020 | Бала бакчага баруу жана таанытуу иш чарасы | Коомго кызмат көрсөтүү | Орто кесиптик колледж | Мектеп жашына чейинки билим берүү программасынын алкагында Бишкектеги айрым бала бакчаларга барышты |
| 19 | 31-январь, 2020 | "Яшар" фирмасына баруу жана сектордук кызматташтык | Коомго кызмат көрсөтүү | Орто кесиптик колледж | Көп убакыттан бери Кыргызстанда иш алпарган "Яшар" фирмасына барып, кызматташуу маселеси каралды |
| 20 | Февраль, 2020 | Долбоор | Коомго кызмат көрсөтүү | Орто кесиптик колледж | ТИКА менен кызматташуу долбоору боюнча коомго кызмат көрсөтүүнүн алкагында ОККга жыгач жана жыгач иштетүү, темир жана ширетүүчү аппараттар алынып келинди |
| 21 | 26-октябрь – 1-ноябрь, 2019 | Семинар | Окуу жайыбыздын окутуучулары жана студенттери үчүн К.Тыныстанов атындагы конференц-залда "Япониядагы билим берүү жана Кумамото университети" аталышында семинар болуп өттү. | ТИИ | Университетибизде Кумамото университетинин эл аралык байланыштар бөлүмүнүн мүдүрү проф. Кишида Мицуо менен жолугушуулар болуп өттү. Мындан тышкары, Табигый илимдер институтунун бөлүм башчылары менен магистратура программасында кош диплом программаларын берүү боюнча сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү жана студенттерге семинар өтүлдү. |

## 7. САПАТТЫ БАШКАРУУ жана САПАТ КЕПИЛДИГИН КАМСЫЗДОО СИСТЕМАСЫ

Университет "жалпы сапатты башкаруу" түшүнүгүн бийик тутуп, ар бир окуучуга жекече мамиле кылуу, айлана-чөйрөгө аяр мамиле жасоо жана социалдык жоопкерчиликти сезүү менен кызмат кылууга умтулат. Эл аралык аренада таанылып, кадыр-барктуу окуу жайга айланган, ички жана сырткы өнөктөштөрү менен үзгүлтүксүз өсүп-өнүккөн окуу жайыбыз бейпилдик өкүм сүргөн чөйрөдө:

- Илимий жана социалдык тармактарда натыйжалуу;
- Атаандашчыл;
- Ачык-айкындуулук принцибине таянган;
- Ишмердүүлүгүнө жоопкерчиликтүү;
- Улуттук жана дүйнөлүк баалуулуктарга ээ болгон жаштарды тарбиялап өстүргөн окуу жай болууну көздөйт.

Бул багытта ТРнын "Жогорку билим берүүдө сапат кепилдигин камсыздоо боюнча нускамасынын" негизинде Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Сапатты камсыздоо комиссиясы түзүлгөн. Ошондой эле ISO 9001 иш-чараларынын алкагында бардык түзүмдөрдө сапатты камсыздоо боюнча жооптуу өкүлдөр аныкталган. Бул жаатта ички көзөмөлдөө иштери Түрк стандарттары институту тарабынан атайын календардык планга ылайык жүргүзүлүп келет. "Сапат" түшүнүгүнүн калыптанышы үчүн академиялык жана административдик кызматкерлерге жалпы сапатты башкаруу боюнча тренингдер өткөрүлүүдө.

Университет менен Түрк стандарттары инситуту (TSE) ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде 2018-жылдын 3-6-апрелинде TS EN ISO 9001 стандартына ылайык документтерди калыбына келтирүү, документтердин мазмунун өзгөртүү жана 2015 ревизиялоо процессине өтүү боюнча иштер жүргүзүлүп, 2018-жылдын 17-апрелинде университетке TS EN ISO 9001:2015 сапатты башкаруу системасынын (KYS) сертификаты берилген жана "Кыргыз-Түрк Манас университетинин административдик кызмат көрсөтүүлөрү" деген аталыштагы документтин мазмуну "Орто кесиптик, бакалавр жана ЖОЖдон кийинки билим берүү тармагындагы окуу-тарбия иштери" болуп өзгөртүлгөн.

Кыргыз-Түрк "Манас" университети билим берүүнүн сапатын, өнөктөштөрүнүн, жабдуучуларынын жана кызматкерлеринин канааттандырарлык деңгээлин жогорулатуу үчүн сапатты башкаруу системасынын принциптерине таянуу менен иш-чараларды жүргүзүп жатат. Сапатты башкаруу системасынын "Сапатты камсыздоо боюнча маалымат китепчеси" сапатка таасир көрсөтчү университеттеги бардык иш-чараларды жана аларды ишке ашырган бардык түзүмдөрдү камтыйт.

Окуу жайыбыз билим берүүдө эл аралык марка болуу максатын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон тармактарда жаңы ачкан академиялык түзүмдөр аркылуу ишмердүүлүгүн улантууда. Бул жаатта университеттин бардык академиялык түзүмдөрүндө окуу программаларын иштеп чыгуу

жана актуалдаштыруу иштери жүргүзүлүп, ар бир окуучуга жекече мамиле жасоо жана өмүр бою үзгүлтүксүз билим алуу түшүнүгү менен технологияга негизделген билим алуунун жолдору жана мүмкүнчүлүктөрү натыйжалуу колдонулуп келүүдө.

Студенттерге жана академиялык кызматкерлерге интернет аркылуу маалыматты тез жана оңой табуу, интерактивдүү үйрөнүү жана SMART-класстарда билим алуу мүмкүнчүлүктөрү түзүлгөн. Окуу жайыбызда дистанттык билим берүү системасынын материалдык-техникалык базасы түзүлүп, айрым окуу программалары боюнча сабактар ушул ыкма менен (http://eders.manas.edu.kg/) интерактивдүү түрдө өтүлүп жатат.

Мындан сырткары студенттерге бир окуу программасынан башка бир окуу программасына ийкемдүү түрдө өтүү, кош жана кошумча адистик алуу мүмкүнчүлүктөрү түзүлгөн. Муну менен бирге башка университеттер менен түзүлгөн эл аралык келишимдердин негизинде студенттерди жана окутуучуларды алмашуу программаларынан пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү берилген. Ошондой эле студенттерге кеңеш жана багыт берүү кызматтарынан сырткары инсандык өнүгүү, карьераны пландаштыруу, өлкө ичинде жана чет мамлекеттерде өндүрүштүк практикадан өтүү мүмкүнчүлүктөрү түзүлгөн. Акыркы үч жылда 1200дөн ашуун студент чет мамлекеттерде өндүрүштүк практикадан өтүү мүмкүнчүлүгүнөн пайдалана алышты.

Бул жаатта Болонья процессинин маанилүү принциптеринин бири болгон студенттер менен алмашуу процесси окуу жайыбызда Мевляна, Эрасмус плюс, Орхун программаларынын алкагында жигердүү түрдө ишке ашырылып жатат. 2019-2020-окуу жылынын күзгү жана жазгы семестрлеринде 4 академиялык, 4 административдик кызматкер жана 55 студент алмашуу программаларынын алкагында Түркиянын ар кандай университеттеринде окуп, иштеп келишти. Ошондой эле Түркиянын ар кандай университеттеринен 8 академиялык, 1 административдик кызматкер жана 33 студент окуу жайыбызга келишти. Университет Мевляна, Эрасмус плюс, Орхун программаларынан сырткары башка эл аралык алмашуу программаларын да жигердүү ишке ашырууда.

Академиялык сапатты эл аралык стандарттарга жеткирүү максатында бардык окуу программаларында Болонья процессине ылайык AKTS (ECTS) (кредиттерди которуу жана топтоонун европалык системасы) боюнча кредит-сааттар эсептелип, бүтүрүүчүлөргө 2015-2016-окуу жылынан тартып англисче "Дипломдун тиркемеси" (Diploma Supplement) менен катар кыргыз, түрк жана орус тилдеринде да бериле баштады. Бул дүйнөнүн 45 мамлекетинде иштеп жаткан бүтүрүүчүлөрүбүздүн мындан аркы эмгек рыногунда атаандаштыкка туруштук берүү потенциалынын өнүгүүсүнө салым кошот. Сапатты камсыздоо, академиялык ишмердүүлүктү баалоо, Болонья процессине шайкеш болуу жана ички баалоо жана көзөмөлдөө боюнча комиссиялар түзүлүп, тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлүүдө.

## ОКУУ-ТАРБИЯ ИШТЕРИНИН САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУ

Окуу жайыбыз билим берүүдө эл аралык марка болуу максатын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон тармактарда жаңы ачкан академиялык түзүмдөр аркылуу ишмердүүлүгүн улантууда. Бул жаатта университеттин бардык академиялык түзүмдөрүндө окуу программаларын иштеп чыгуу жана актуалдаштыруу иштери жүргүзүлүп, ар бир окуучуга жекече мамиле кылуу жана өмүр бою үзгүлтүксүз билим алуу түшүнүгү менен технологияга негизделген билим алуунун жолдору жана мүмкүнчүлүктөрү натыйжалуу колдонулуп келүүдө. Университет интернационалдашуу жана окуу-тарбия иштеринин сапатын жогорулатуу максатында Кыргызстандан сырткары түрк тилдүү мамлекеттерден тажрыйбалуу профессор окутуучуларды тартууга өзгөчө маани берет. Муну менен катар университеттин Камкорчулар кеңешинин тийиштүү чечиминин негизинде дүйнөлүк масштабда таанылган чет мамлекеттердин университеттеринде профессор окутуучу болуп иштеп жаткан кыргыз жарандарын университетке тартуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлө баштады.

Инженерия факультети тарабынан 2017-2018-окуу жылында MÜDEKтин (инженерия тармагындагы билим берүү программаларын баалоо жана аккредитациялоо уюму) алкагында даярдоо иштери аткарылып, тамак-аш инженериясы жана химиялык инженерия бөлүмдөрү 2019-2020-окуу жылында MÜDEK тарабынан аккредитациялоодон өтүү үчүн 2019-жылдын январь айында кайрылышкан.

Окуу жайыбызда студенттердин сабакка катышкан-катышпаганы тууралуу маалыматты студенттик иштер башкармалыгынын автоматташтырылган системасына киргизүү, окутуучулардын студенттерди жана студенттер өздөрүн автоматташтырылган системадан көзөмөлдөп туруусу үчүн электрондук көзөмөлдөө системасы иштелип чыккан.

Бул электрондук көзөмөлдөө системасы 2017-2018-окуу жылынын жазгы семестринде пилоттук долбоор катары табигый илимдер институтунда башталып, 2018-2019-окуу жылынын күзгү семестринде колдонуу чөйрөсү кеңейип, ага гуманитардык факультет, экономика жана башкаруу факультети, инженерия факультети жана чет тилдер жогорку мектеби да кошулган.

Пилоттук долбоордун жыйынтыгында студенттердин сабакка катышуусуна тийгизген оң таасири эске алынып, электрондук көзөмөлдөө системасы 2019-2020-окуу жылынын күзгү семестринен тарта университетте орто кесиптик билим берүү жана бакалавр программаларын жүзөгө ашырган бардык академиялык бөлүмдөрдө колдонула баштаган.

Электрондук көзөмөлдөө системасынын программалык жабдуусу университеттин студенттик иштер башкармалыгы тарабынан иштелип чыккан. Академиялык бөлүмдөрдүн сунушу жана ректораттын макулдугу боюнча программалык жабдуу улам жаңыланып турат.

Кыргыз-Түрк "Манас" университети билим берүүнүн сапатын, өнөктөштөрүнүн, жабдуучуларынын жана кызматкерлеринин канааттандырарлык деңгээлин жогорулатуу үчүн сапатты башкаруу системасынын принциптерине таянуу менен иш-чараларды жүргүзүп жатат. Университет өзү менен жеке же институционалдык мамиледе болгон студенттин күткөн жана жетишкен натыйжаларынын ортосундагы айырмачылыкты көрө билүүсү сапатка жетүүдө натыйжа катары бааланат.

Университетте сапатты жогорулатуу процессинде студенттердин, бүтүрүүчүлөрдүн, окутуучулардын жана административдик кызматкерлердин канааттандырарлык деңгээлин аныктоо максатында сурамжылоо иштери 2010-жылдан баштап жүргүзүлүп келе жатат.

Академиялык кызматкерлердин канааттандырарлык деңгээлин аныктоо максатында жүргүзүлгөн сурамжылоонун алкагында академиялык кызматкерлердин ой-пикирлери "иштеген бөлүмүнө, университеттин кызмат көрсөтүүлөрүнө жана университетке канааттануусу" боюнча бааланган. Бул иш-чаралардын чегинде 2019-жылы 180, 2020-жылы 260 окутуучунун арасында сурамжылоо жүргүзүлгөн.

Академиялык жана административдик кызматкерлердин канааттандырарлык деңгээлин аныктоо максатында жүргүзүлгөн сурамжылоонун алкагында академиялык жана административдик кызматкерлердин ой-пикирлери "айлана-чөйрөнүн таасири, институционалдык иденттүүлүк, кызмат көрсөтүүлөр, башкаруу түшүнүгү жана карьера түзүү мүмкүнчүлүктөрү" боюнча бааланган. Бул иш-чаралардын чегинде 2019-жылы 248, 2020-жылы 267 кызматкердин арасында сурамжылоо жүргүзүлгөн.

Кызмат көрсөтүүлөрдү камсыз кылган бөлүмдөргө канааттануу боюнча сурамжылоо иши университетте кызмат көрсөтүүлөрдү камсыз кылган бөлүмдөргө кызматкерлердин канааттандырарлык деңгээлин аныктоо максатында жүргүзүлөт. Бул иш-чаралардын алкагында 2019-жылы 163, 2020-жылы 183 кызматкердин арасында сурамжылоо жүргүзүлгөн.

Студенттердин арасында сурамжылоо "университеттин студенттерге түзүп берген мүмкүнчүлүктөрү, окуу-тарбиялоо жана башкаруу иштери" боюнча университеттин студенттеринин канааттандырарлык деңгээлин аныктоо максатында жүргүзүлөт. Бул иш-чаралардын алкагында 2019-жылы 3868, 2020-жылы 4044 студенттин арасында сурамжылоо жүргүзүлгөн.

Университетте ТРнын Жогорку билим берүү кеңешинин Сапатты камсыздоо боюнча комитетинин иш-чаралары менен бирдикте Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин "Сапатты башкаруу жана сапат кепилдигин камсыздоо системасы жөнүндө нускама" даярдалган. Бул нускамага ылайык, Сапатты камсыздоо боюнча комитет түзүлүп, ички көзөмөлдөө боюнча отчет даярдалып, университеттин Окумуштуулар кеңешине берилген. Тышкы баалоо иштери үчүн ТРнын Жогорку билим берүү кеңешинин Сапатты камсыздоо боюнча комитети менен сүйлөшүүлөр улантылып жатат.

Сапатты өнүктүрүү процесси университет үчүн эң маанилүү иш-чаралардын бири болуп саналат. Окуу жайдын академиялык кызматкерлери жана жетекчилери туруктуу өсүп-өнүгүп, университеттин концепциясына ылайык дайыма алдыга чечкиндүү кадам жасап жатышат.

Университеттин сапат кепилдигин камсыздоо боюнча иш-чараларынын бирден-бир көрсөткүчү катары 2019-2020-окуу жылындагы бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болуу деңгээлин жана иштеген жерлерин көрсөтө алабыз. Мисалы, КТМУнун Бүтүрүүчүлөр ассоциациясы акыркы 6 ай ичинде окуусун бүтүргөн студенттердин иш менен камсыз болуу деңгээлин изилдеп чыгып, төмөнкү жыйынтыктарга келген:

## 2019-2020-ОКУУ ЖЫЛЫНДАГЫ ЖАЛПЫ БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН САНЫ: 1051
## БАЙЛАНЫШ ТҮЗҮЛГӨН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН САНЫ: 823



92,5% Байланыш түзүлдү
7,5% Байланыш түзүлө элек

## 2019-2020-ОКУУ ЖЫЛЫНДАГЫ БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН ИШКЕ ОРНОШУУЛАРЫ БОЮНЧА БӨЛҮШТҮРҮЛҮШҮ



44,5% Иштеген бүтүрүүчүлөр
12,2% Иштеп жана окуган бүтүрүүчүлөр
19,6% Билим алуусун улантkандар
23,7% Башка (аскердик м., иш издөө жб.)

* Маалыматтар 30-ноябрга карата даярдалды.

## ИШТЕП ЖАТКАН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН СЕКТОРЛОРГО КАРАТА БӨЛҮШТҮРҮЛҮШҮ



- 63,0% Жеке менчик ишканаларда иштегендер
- 3,1% Өз ишин ачкандар
- 33,9% Мамлекеттик мекемелерде иштегендер

## ИШТЕП ЖАТКАН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН КЕСИПКЕ КАРАТА БӨЛҮШТҮРҮЛҮШҮ



- 68,5% Өз кесиби боюнча иштегендер
- 31,5% Кесибинен сырткары иштегендер

* Маалыматтар 30-ноябрга карата даярдалды.

## 2019-2020 ОКУУ ЖЫЛЫНДА БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮБҮЗДҮН ӨЛКӨЛӨРГӨ КАРАТА БӨЛҮНҮШҮ

| ӨЛКӨЛӨР | САНЫ | ПАЙЫЗЫ |
|---|---|---|
| КЫРГЫЗСТАН | 679 | 82,50% |
| ТҮРКИЯ | 68 | 8,26% |
| РОССИЯ | 25 | 3,04% |
| ГЕРМАНИЯ | 11 | 1,34% |
| БАЭ (ДУБАЙ) | 10 | 1,22% |
| КАЗАКСТАН | 10 | 1,22% |
| КЫТАЙ | 8 | 0,97% |
| ӨЗБЕКСТАН | 4 | 0,49% |
| ВЕНГРИЯ | 1 | 0,12% |
| ТАЖИКСТАН | 1 | 0,12% |
| БАХРЕЙН | 1 | 0,12% |
| ТҮШТҮК КОРЕЯ | 1 | 0,12% |
| КАТАР | 1 | 0,12% |
| АЗЕРБАЙЖАН | 1 | 0,12% |
| КИПР | 1 | 0,12% |
| ЭСТОНИЯ | 1 | 0,12% |
| **ЖАЛПЫ:** | **823** | **100,00%** |

**2019-2020-ЖЫЛКЫ БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮБҮЗ ДҮЙНӨНҮН 16 МАМЛЕКЕТИНДЕ ЭМГЕКТЕНҮҮДӨ.**

## ОКУТУУЧУЛАРДЫН КВАЛИФИКАЦИЯСЫН ЖОГОРУЛАТУУ

Окуу жайыбызда муктаж болгон тармактарда жогорку квалификациялуу окутуучуларды даярдоо жана туруктуу профессордук-окутуучу курамды түзүү максатында университеттин ичинде жана сыртында ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларына өзгөчө маани берилет. Ушул максатта керектүү адистиктер боюнча университеттин институттарында магистратуранын/докторантуранын жаңы программалары ачылууда. Ошону менен катар Түркиянын жана башка мамлекеттердин эң алдыңкы университеттери менен кызматташтыктар түзүлүп, окуу жайыбыздын тажрыйбалуу окутуучуларга болгон муктаждыгын камсыздоо максатында 2012-жылдан тартып жаңы иштелип чыккан "Профессордук-окутуучу курамды даярдоо программасы боюнча нускама" жүзөгө ашырылып келүүдө.

Бул багытта факультеттердеги жана жогорку мектептердеги кенже илимий кызматкерлерге болгон муктаждыктар эске алынып, талаптарга жооп берген кенже илимий кызматкерлер жумушка алынган. Профессор-окутуучулук курамды даярдоо программасынын алкагында кенже илимий кызматкерлер чет өлкөлөргө жиберилип жатат. Алдыдагы жылдарда да бул иш-аракеттер улантыла бермекчи.

## ИЛИМИЙ ИШ-ЧАРАЛАРДЫ жана ДОЛБООРЛОРДУ ИШТЕП ЧЫГУУ

Университет Кыргызстанда жана түрк дүйнөсүндө үлгү болуу жана абройлуу университеттердин катарына кирүү үчүн улуттук жана эл аралык деңгээлде илимий иш-чараларды уюштуруу максатында "Доценттин милдетин аткаруучу, доцент, профессор наамын берүү жана аларды дайындоо боюнча нускамасы" менен "Илимий изилдөө иштерине колдоо көрсөтүү боюнча нускамасы" жаңыдан каралып чыгып, сапаттуу илимий басылмаларга өзгөчө маани берилип, колдоо көрсөтүлүүдө. Университетте көп дисциплинардык же тематикага жараша улуттук жана эл аралык илимий жыйындар өткөрүлүүдө.

Айрыкча индекстүү журналдарда макалалардын санын көбөйтүү үчүн тажрыйбалуу окутуучулар менен камсыздоо иш-аракеттерине өзгөчө маани берилип, бул журналдарда жарыяланган макалаларга материалдык жактан колдоо көрсөтүлөт. Бул жаатта окуу жайыбыздын индекстүү журналдардагы макалаларынын саны 2018-2019-окуу жылында 262 болсо, 2019-2020-окуу жылында 403кө жеткен.

Университеттин социалдык-маданий жана социалдык-экономикалык өнүгүүсүн колдоо үчүн ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча диссертациялардын темалары кылдаттык менен тандалып жатат.

Университеттин илимий потенциалы жана башкаруу дарамети эң бийик деңгээлге көтөрүлдү. Кыргызстандын социалдык-экономикалык, социалдык-маданий өнүгүүсүн камсыздоо жаатында университет менен мамлекеттик жана жеке менчик секторлордун ортосундагы өз ара кызматташтык аркылуу долбоорлорду иштеп чыгуу максатында атайын жумушчу топ түзүлүп, Кыргызстандын билим берүү сапатын, маданий жана социалдык-экономикалык абалын аныктоо үчүн иш-чаралар жүргүзүлүүдө. Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы тарабынан даярдалган Стратегиялык планындагы 27 маселенин ичинен университет тарабынан

төмөндөгү долбоорлор аныкталып, ишке ашырылды:

- Микрокаржылоо секторун өнүктүрүү жана кредиттердин пайыздарын төмөндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
- Учурдагы финансылык (бюджет-салык) абалды анализдөө жана Кыргызстандын Бирдиктүү экономикалык аймакка кошулуусу үчүн тийиштүү бюджеттик параметрлерди аныктоо;
- Кыргызстандын саламаттык сактоо системасын экономикалык жактан анализдөө;
- Кыргызстанда жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу маселесин социалдык жактан изилдөө;
- Кыргызстандагы диний абалды жана диний агартуучулукту анализдөө.

Жогоруда айтылган долбоорлор университеттин академиялык кызматкерлери тарабынан тийиштүү бөлүмдөрдө жыйынтыкталып, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына тапшырылган жана долбоордун натыйжалары жана сунуштары КРнын Өкмөтүнүн ички саясий жана институционалдык реформаларынын иштелип чыгышында жигердүү колдонулууда.

Мындан сырткары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан колдоого алынган башка илимий долбоорлор да окуу жайыбызда ишке ашырылган. 2019-2020-окуу жылында университетте төмөндөгүдөй долбоорлор ишке ашырылды:

- "Жергиликтүү өсүмдүктөр сырьёсунун калдыктарын кайрадан иштетүүнүн технологиясын иштеп чыгуу";
- Биологиялык активдүү наноөлчөмдөгү жездин жана күмүштүн синтези;
- Кыргызстандагы өсүмдүк калдыктарынын комплекстүү кайра иштетилиши;
- "Кулундарды багуунун ар кандай ыкмаларынын натыйжалуулугу";
- Жапайы өсүмдүктөргө биологиялык активдүү заттарды колдонуу менен Кыргызстандын жаңгак токойлорунун туруктуу өнүгүүсүн башкаруу жана жаңы баалуулуктарды табуу;
- "Иштетилген полихлорбифенилдин газ-суюктук чөйрөсүндө барийдин, алюминий, кальций+магний кычкылдарынын жардамы менен ажыроосу";
- Чүй өрөөнүндө помидор күбөсү "тута абсолютанын" биологиялык жайылышы жана аны менен күрөшүүнүн жолдорун аныктоо;
- "Кыргыз Республикасындагы парламентаризмдин калыптануу шартындагы жарандардын саясий социалдашуусу: карама каршылы+ктар жана тенденциялар";
- Күнөсканаларда органикалык өсүмдүктөрдү өстүрүүгө багытталган жаңы биологиялык жер семирткичтердин формуласын иштеп чыгуу.

Жогоруда аталган айыл чарба тармагындагы долбоорлордун натыйжасында алынган жыйынтыктар Кыргызстандын аймактарында микроорганизмдерди өндүрүү жолу менен топуракты булгаган химиялык заттардан тазалоочу дары-дармектердин өндүрүлүшүнө, микроорганизмдердин жардамы менен өндүрүлгөн биологиялык дарылардын импорттук дарылардан арзаныраак жана экономикалык жактан үнөмдүү болушуна жана өлкөнүн экономикасына зор салым кошот.

## ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР, КЫЗМАТТАШТЫКТАР ЖАНА ИНТЕРНАЦИОНАЛДАШУУ

Азыркы ааламдашуу заманында өнүгүү жана эл аралык аренада бекем туруу үчүн башка өлкөлөр, элдер жана кишилер менен ынак мамиледе, тыгыз кызматташтыкта болуу зарыл. Кыргыз-Түрк "Манас" университети бул турмуш чындыгын эске алып, региондогу жана дүйнөдөгү эң алдыңкы университеттер жана уюмдар менен байланыш түзүп, өз ара пайдалуу кызматташтыкты өнүктүрүп келүүдө. Бул максатта Түркиядагы 91 университет, мекеме, уюм жана өкмөттүк эмес уюмдар, ал эми Түркиядан сырткары башка 25 өлкөдөгү 85 университет менен кызматташтык тууралуу келишимдер түзүлүп, студенттер жана окутуучулар менен алмашуу, студенттерди практикага жөнөтүү жана окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу, биргелешкен илимий, социалдык, маданий иш-чараларды уюштуруу жана орток долбоорлорду иштеп чыгуу иш-чаралары жүргүзүлүп келет.

Ар башка университеттерде окуган студенттер арасындагы достукту, маалымат алмашууну, маданиятты жана биримдикти чыңдоо максатында университет тарабынан Орхон алмашуу программасы жүзөгө ашырылган. Бул программа алкагында студенттер жана окутуучулар менен алмашуу иш-чарасы эффективдүү өткөрүлүп жатат.

Борбордук Азияда илимий, экономикалык, социалдык жана маданий кызматташтыктарда маанилүү роль ойнойт, региондогу өлкөлөрдүн ортосундагы кызматташтыктын бекемделишине салым кошот, элдердин бири-бирине жакындашуусу үчүн негиз даярдайт деген ишенич менен 2016-жылдын 29-апрелинде Кыргызстандын борбор шаары – Бишкекте дүйнөнүн 9 өлкөсүндөгү 53 университет мүчө болгон "Борбордук Азия университеттеринин ассоциациясы" түзүлгөн. Борбордук Азия университеттеринин ассоциациясы ЖОЖдор менен өз ара мамиледе болгон мекеме жана уюмдардын ортосундагы кызматташтыкты бекемдөө, интернационалдашууну колдоо, окутуучулар жана студенттер менен алмашууну камсыздоо, кош диплом берүүчү программаларды жүзөгө ашыруу, окуу программаларын иштеп чыгуу, кредиттерди которуу жана топтоонун Европалык системасы боюнча бирдейликти сактоо, сапат кепилдигин камсыздоо системасын түзүү, аккредитациялоо иштерин ишке ашыруу, мүчө болгон университеттердин күчтүү жактарын эске алуу менен региондук өнүгүүгө салым кошо турган долбоорлорду иштеп чыгуу максатында түзүлгөн.

Университетти интернационалдаштыруу жана түзүлгөн кызматташтыкты мындан ары дагы бекемдөө максатында ар түрдүү улуттагы студенттер кабыл алынууда жана окутуучуларды жумушка алуу боюнча иш-аракеттер көрүлүүдө. Ошентип, ар түрдүү мамлекеттерден студенттерди жана окутуучуларды кабыл алуу менен студенттердин орток же/жана кош дипломго ээ болуусу, бирден көп тил билүүсү, дүйнөлүк жана эл аралык фирмаларга жумушка орношуусу камсыздалат. Артка кылчайып, университеттин өнүгүү тарыхына көз жүгүртсөк, университет түптөлгөн күндөн тарта интернационалдашууга даяр болгондугун байкасак болот. Себеби, орто кылымда кеңири колдонулган латын тилиндеги "университет" түшүнүгү "өзү жайгашкан жерден сырткары башка алыскы жерлерден студенттерди кабыл алган окуу жай" дегенди түшүндүрөт.

## 8. КОРУТУНДУ ЖАНА СУНУШТАР

Бир туугандыктын долбоору болгон окуу жайыбыз жалгыз гана Кыргызстан менен Түркиядан эмес, түрк тилдүү жана боордош мамлекеттерден, башка чет өлкөлөрдөн келген жаштарды жана окутуучуларды бир чатырдын астында бириктирип, алардын орток маданий баалуулуктар менен жуурулушуна, жогорку билимдүү адис катары даярдалышына, ынтымакта жашоо маданиятын өздөштүрүшүнө, өз өлкөсүнүн жана бүткүл түрк дүйнөсүнүн өнүгүшүнө салым кошушуна жана адамзатка пайда алып келишине умтулат. Ушуга байланыштуу 2023-жылдын аягына чейин аткарыла турган иш-чаралар кабыл алынып, университетти "билим берүүдө эл аралык марка", "өзүнө тартып турган мекеме", "коомчулук жана иш чөйрөсү үчүн чыныгы баалуулук", "интернационалдашууда үлгүлүү жогорку окуу жайы", "түрк дүйнөсүнүн биримдигинин калыптанышы жана өнүгүшүндө таасирдүү күч" жана "дүйнөлүк илимге салым кошууда абройлуу университет" болуусу үчүн тийиштүү иш-чаралар чечкиндүү алып барылууда. Университет 2019-2020-окуу жылында ээ болгон улуттук жана эл аралык сыйлыктары менен Орто Азиянын жаркыраган жылдызы болуп калды.

2019-2020-окуу жылында аткарылган академиялык иш-чаралар тууралуу жогоруда сунушталган отчётто көрсөтүлгөндөй, бул окуу жылында сапатты жогорулатууга багытталган иш-чараларга чоң маани берилип, бул жаатта сапат моделинин негизин түзгөн материалдык-техникалык базанын чыңдалышында олуттуу натыйжаларга жетишилди, университеттеги лабораторияларды модернизациялоо менен 81 лаборатория, өнөркана ж.б. окуу-өндүрүштүк жайлар ачылып, пайдаланууга берилди. Мындан сырткары университеттин маалымат системасы, китепканалары, окуу борборлору ж.б. бөлүмдөрү заманбап жана өнүккөн өлкөлөрдүн стандарттарына ылайыкташтырылып, аптасына 7 күн жана суткасына 24 саат бою иштейт.

Университет "жалпы сапатты башкаруу" түшүнүгүн бийик тутуп, ар бир окуучуга жекече мамиле кылуу, айлана-чөйрөгө аяр мамиле жасоо жана социалдык жоопкерчиликти сезүү менен кызмат кылууга умтулат. Эл аралык аренада таанылып, кадыр-барктуу окуу жайга айланган, ички жана сырткы өнөктөштөрү менен үзгүлтүксүз өсүп-өнүккөн окуу жайыбыз бейпилдик өкүм сүргөн чөйрөдө:

- Илимий жана социалдык тармактарда натыйжалуу;
- Атаандашчыл;
- Ачык-айкындуулук принцибине таянган;
- Отчеттуулукту уюштура билген;
- Улуттук жана дүйнөлүк баалуулуктарга ээ болгон жаштарды тарбиялап өстүргөн окуу жай болууну көздөйт.

Университетте сапатты жакшыртуу боюнча иш-чаралар үзгүлтүксүз жүргүзүлүп, системалуу тартипке келтирилип, баалоо иштери тийиштүү бөлүмдөр жана ректорат тарабынан ачык-айкындуулук принцибине ылайык жүргүзүлүп келүүдө. Университет сапатты камсыздоо үчүн тийиштүү иш-чараларды жүргүзүп жатат. Бул жаатта TS-EN-ISO 9001: 2008 сапатты башкаруу сертификатын алуу үчүн Түрк стандарттары институту менен түзүлгөн кызматташтыктын негизинде

бир катар иштер аткарылган. Бул иштердин натыйжасында TS-EN-ISO 9001:2008 сапатты башкаруу сертификатына ээ болуп, башкаруу системасында жана кызмат көрсөтүүлөрдө сапатка жетишилген. Университет менен Түрк стандарттары институту (TSE) ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде 2018-жылдын 3-6-апрелинде TS EN ISO 9001 стандартына ылайык документтерди калыбына келтирүү, документтердин мазмунун өзгөртүү жана 2015 ревизиялоо процессине өтүү боюнча иштер жүргүзүлүп, 2018-жылдын 17-апрелинде университетке TS EN ISO 9001:2015 сапатты башкаруу системасынын (KYS) сертификаты берилген жана "Кыргыз-Түрк Манас университетинин административдик кызмат көрсөтүүлөрү" деген аталыштагы документтин мазмуну "Орто кесиптик, жогорку кесиптик жана ЖОЖдон кийинки билим берүү тармагындагы окуу-тарбия иштери" болуп өзгөртүлгөн.

Кыргыз-Түрк "Манас" университети сапатты жакшыртуу иш-чаралары боюнча Сапатты камсыздоо комиссиясы менен жигердүү иш алпарууда. Университетте сапатты камсыздоо кеңсеси ачылып, сапатты үзгүлтүксүз жакшыртуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлүп келет.

Билим берүүнүн жана илимий изилдөөлөрдүн сапатын жогорулатуу үчүн университетте жүзөгө ашырылган бардык окуу программалары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Билим берүү стандарттарына, Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетинин стандарттары менен Болонья процессине ылайык иштелип чыгып, университеттин 2015-2019-жылдарга карата Академиялык каталогунда орун алган. Бул каталогда орун алган окуу программаларын жакшыртуу иш-чаралары 2018-жылы башталып, бул иш-чаралар 2020-жылдын соңунда аяктады. Бул иш-чаралардан кийин университетте ишке ашырылып жаткан кесиптик орто, бакалавриат жана магистратура программалары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Улуттук аккредитациялык кеңеши тарабынан карап чыгылып, 2024-жылга чейин тийиштүү сертификаттарга ээ болушат.

2019-2020-окуу жылында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин бекитүүсү менен университеттин факультеттеринде 38 билим берүү программасы, институттарда 6 магистратура программасы, жалпысынан 44 билим берүү программасы Көз карандысыз аккредитациялоо агенттиги (ААОПО) тарабынан аккредитацияланган. Берилген сертификаттар 2024-жылга чейин жарактуу болуп саналат.

Университеттин акыркы 10 жылдын ичинде инновация, өзгөрүү жана өсүп-өнүгүү жагынан бейпилдик өкүм сүргөн чөйрөдө жана биримдиктин алкагында өнүгүшүнө, региондо үлгүлүү жогорку окуу жайы катары кабыл алынышына дайыма колдоо көрсөтүп келген Түркия Республикасы менен Кыргыз Республикасына, улуу элибизге, Камкорчулар кеңешинин төрагасына жана мүчөлөрүнө, университеттин жамаатына жана өз салымын кошкон бардык кызматкерлерге чын дилибизден ыраазычылыгыбызды билдирип, алдыга койгон максаттарга жетүү үчүн иштерибизди эрктүүлүк жана чечкиндүүлүк менен уланта бермекчибиз.

*Университеттен да артык...*